**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д 13.20.623 диссертациялык кеңеши**

*Кол жазма укугунда*
**УДК:378.147 (575.2) (043.2)**

**ЗУЛПУЕВ АШИМ ЗУЛПУЕВИЧ**

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА “МАНАС” ТААНУУ КУРСУН ОКУТУУНУН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

**13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)**

**Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2022**

Диссертациялык иш М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин кыргыз жана орус тилдери кафедрасында аткарылды.

**Илимий кеңешчи:** **Рысбаев Сулайман Казыбаевич**, педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Билим берүү академиясынын көп тилдүү билим берүү жана адабият лабораториясынын башкы илимий кызматкери

**Жетектөөчү мекеме:** Абай атындагы Казак Улуттук педагогикалык университети, "Казак тили жана адабиятын окутуунун методикасы" кафедрасы

**Расмий оппоненттер:** **Укуева Б.К** - педагогика илимдеринин доктору, доцент, Ош мамлекеттик университетинин "Башталгыч билим берүүгө чейинки педагогика жана психология" кафедрасынын профессору

**Юлдашев К.Б.**–педагогика илимдеринин доктору, Алишер Навои атындагы Ташкент мамлекеттик өзбек тили жана адабияты университетинин "Өзбек адабиятын окутуу методикасы" кафедрасынын профессору.

**Орозобекова Ж.К.** – филология илимдеринин доктору, доцент, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин Лингвистикалык экспертиза бөлүмүнүн эксперти.

Диссертациялык иш 2022-жылдын «25»-февраль күнү саат 13-00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн уюштурулган Д **13.20.623** диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720023, Бишкек шаары, 10-кичи району, Т.Саманчин көчөсү, 10а.

Диссертациянын коргоосунун онлайн трансляциялоонун кирүү коду: https://vc.vak.kg/b/d13-oyf-pc2-yyg.

Диссертациялык иш менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (Дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51, http:arabaev.kg/do.kg); Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (Дареги: 720033, Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү,547); Кыргыз Билим берүү академиясынын (Дареги: 720033, Бишкек шаары, Эркиндик проспекти, 25) илимий китепканаларынан таанышууга болот.

Автореферат 2022-жылдын «25»-январында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Омурбаева Д.К.

# ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Өткөн кылымдын токсонунчу жылдарынын башынан бери башка улуттар менен өлкөлөр сыяктуу эле кыргыз элинин эгемендүүлүккө ээ болушу менен мамлекеттик баш мыйзамдан (конституция) тартып башка бардык мыйзамдар, анын ичинде «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзам эркин жана демократиялык өнүгүүнүн талаптарына жана эл аралык алака-мамилелердин, кызматташуулардын негизине ылайык кайрадан иштелип чыкты. Мындай өзгөрүүлөр мектепте жана жогорку окуу жайларында жүргүзүлүп жаткан, мындан ары эми жүргүзүлө турган реформалардын негизги концептуалдык багыттарын да аныктады.

Кыргыз билим берүү системасындагы Европалык билим берүү мейкиндигине умтулуу, интеграциялануу шарттарында өзүбүздүн улуттук билим берүү системасынын багытын батыш маданиятынын баалуулуктарына негизденүү менен кайра өзгөртүү жүрүп жатат. Бул процесстер адеп-ахлактык, патриоттук, атуулдук тарбия берүү проблемасына чечүүгө мүмкүн болбогон карама-каршылыктарды киргизүү менен кыргыз улуттук баалуулуктарынын кунун түшүрөт, улуттук аң-сезимди космополитизм духу менен алмаштырат. Ааламдаштыруу процесси билим берүүдө батыш жана Европа өлкөлөрүнүн үлгүсү боюнча реформаларды жүргүзүүгө алып келет, бул болсо өз кезегинде улуттук, этникалык кайра жаралууларды бутунан тушап, эзелтен жашап келе жаткан улуттук салт-санаалардын, жөрөлгөлөрдүн калыптанып жана өнүгүп кетишине тоскоол болот. Ошондуктан, бүгүнкү күндө биз үчүн эң башкы милдеттердин бири болуп жалгыз гана ааламдашуу эмес, улуттук каада-салттар менен үрп-адаттарга, байыркы оозеки элдик чыгармачылыкка, билим жана тарбия берүүнүн салттарынын улуттук (этнопедагогикалык) кыртышында тарбиялап өстүрүлгөн улуттук маданиятка кайтуу болуп эсептелип, бул тенденцияларды андан ары өнүктүрүү маселеси Кыргызстанда күн тартибиндеги биринчи маселе болушу шарт.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептеринен тартып профессионалдык билим берүүчү жогорку мектепке чейин элдин абалтан келе жаткан салтын чагылдырган чыгармаларды активдүү үйрөтүү процесси-ошол улуттук кыртышка кайрадан кайтуу дегендик. Бул иште кыргыздын оозеки адабияты, каада-салты менен үрп-адаттарын чагылдырган көөнө маданияты андай улуттук реформаларды жасоого, аны өнүктүрүүгө өбөлгө болот. Ошол оозеки көөнө адабият менен маданияттын мыкты үлгүсү элдик эпостор, булардын башында турган «Манас» эпосу тураары бышык.

«Манас» эпосу ата-бабалар кыргыз баласы үчүн мурас кылып калтырган алмашкыс рухий жана маданий мурас. Анын мазмуну кыргыздардын жашоо-турмуш жана тиричилик тартиби, анын дүйнө сезимине, адамдардын жашоосунун мааниси жөнүндөгү философиялык ой жүгүртүүлөрүнө жык толгон, анда элдин эркиндик жана көз карандылык үчүн, бардык кыргыз урууларынын биригүүсү үчүн, кылымдарды карытып келе жаткан этностун келечектеги адилеттүү жана тынч жашоосун бекемдөө үчүн, адамдык бийик идеалдарды орнотуу үчүн болгон күрөшү жөнүндө сөз болот. Көркөмдүк

жактан алып караганда да этностун тарыхын мындай жогорку деңгээлде чагылдырып берүү – бул дээрлик теңдеши жок феномен, бул уникалдуу оозеки мурас. «Манас» эпосунун эң алгачкы изилдөөчүлөрүнүн бири болгон, оозеки дастанды жазуу түрүндө кагаз бетине биринчи болуп түшүргөн окумуштуу Чокан Валихановдун аныктамасына ылайык, бул фольклордук чыгарма – «кыргыз элинин турмушунун энциклопедиясы».

«Манас» таануу - фольклор таануу илиминин бир тармагы. Ал XIX кылымдын 2-жарымында пайда болгон. Ошол мезгилдин шарттарына ылайык, эпосту жыйноо жана жазуу иштери бирге жүргүзүлгөн. Ч.Валиханов жана В.Радлов чыгарманын үзүндүлөрүн жаздыруу менен катар, эпостун мазмунун баалоо, анын энциклопедиялык арымы, генеологиялык циклдештирүү салттарындагы түзүлүшү, өзгөчө көркөмдүгү жөнүндөгү пикирлери жана комментарийлери менен коштоп турушкан, грек эпостору «Илиада» жана «Одиссея» менен салыштыруу да орун алган.

Окумуштуу К.Абакиров «Манас» таануу илиминин пайда болгон жана негизделген мезгили деп XIX кылымдын экинчи жарымын эсептейт жана аталган илимдин өнүгүү этаптарын төмөнкүдөй бөлүштүрөт:

1-этап. XIX кылымдын экинчи жарымынан 1919-жылга чейин, илимдин жаралышы, түптөлүшү.

2-этап. 1920-1952-жылдар.

3-этап. 1952-1980-жылдар.

4-этап. 1981-2015-жылдар же эгемендүүлүк мезгили.

Бул бөлүштүрүүдөн көрүнүп тургандай ар бир этап «Манас» эпосунун изилденишиндеги тагдырга, окуяларга жана коомдук бурулуштарга негизделгени байкалып турат.

2-этап совет бийлигинин жылдарына туш келип, «Манас» эпосуна фольклор таануу өңүтүнөн жүргүзүлгөн изилдөөлөр манасчылардан эпостун варианттарын жаздыруу менен коштолгон. М.Ауэзов, Е.Поливанов, Ө.Жакишев, П.Берков, А.Бернштам, Х.Рахматуллин, М.Богданова, В.Жирмунский, Б.Юнусалиев ж.б. окумуштуулардын эмгектери «Манас» таануу илиминин калыптануу доорун түзгөн.

Өнүгүүнүн 3-этабы «Манас» эпосунун элдүүлүгү жөнүндөгү 1952-жылдагы конференциянын чечимдерин ишке ашыруу жылдарына туш келип, бул жылдары түрдүү илимдер тармагында конкреттүү иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Фольклор таануучулар: С.Мусаев, Э.Абдылдаев, Р.З.Кыдырбаева, К.Кырбашев, А.Жайнакова, М.Мамытов, С.Бегалиев, Р.Сарыпбеков, Т.Абдраков, О.Сооронов, тарыхчылар: А.Н.Бернштам, Ө.Караев, этнографтар: С.А.Абрамзон, И Молдобаев, философтор: А.Табалдиев, А.Салиев, тилчи Е.Поливанов, педагогдор: Г.Волков, Т.Ормонов чыгарманы түрдүү аспектиде карашкан.

Эгемендик жылдары башталган 4-этапта: А.Акматалиев, К.Абакиров, Ж.Акмолдоева, С.Байгазиев, Ж.Орозбекова, А.Макеев, С.Дуйшембиев, Г.Орозова өңдүү илимпоздор илимдин өнүгүшүнө өз салымын кошушту.

«Манас» эпосун педагогикалык жана методикалык өңүттөн изилдеп-иликтөө кыргыз мектебинин программасынан орун алышы менен башталат.

Адабияттын мектеп курсуна, анын алгачкы программасы түзүлгөндөн баштап (1941-жыл) «Манас» эпосу киргизилген. 1954-жылы эпос «зыяндуу чыгарма» катары айыпталып, 1964-жылга чейин аны программадан чыгарып салышкан. Ошондон бери үчилтик кыргыз адабиятынын мектеп программасынан орун алып, ага бөлүнгөн сааттар жылдан-жылга көбөйтүлүүдө. 1997-жылдан баштап 11-класска 18 саат көлөмүндө «Манас» таануу курсу киргизилген, акыркы программа боюнча (2014-ж.) 15 саат көлөмүндө окутулат.

Кийинки жылдары (2006-ж.) «Манас» таануу курсу Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына 30 саат көлөмүндө киргизилди. Мектеп, жогорку жана орто окуу жайларында эпостун окутулушу «Манас» эпосун жана «Манас» таануу курсун методикалык жабдуу мазмунун жана формасын аныктоо, методикасын иштеп чыгуу зарылдыгын, үчилтикти мектепте окутуунун тажрыйбасы КРнын эл мугалимдери Б.Батыркулов менен Б.Исаковдун тажрыйбалары аркылуу жалпылоо, жайылтуу методисттер С.Байгазиев, С.Рысбаев тарабынан жүргүзүлгөн. «Манас» эпосун окутуу методикасы Д.Саалиеванын «Семетей», «Сейтек» эпосторун окутуу Т.Оторбаевдин кандидаттык диссертациясында каралган.

Филология багытында бир катар изилдөөлөр жүргүзүлдү. К.Абакиров «Манас» таануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү», Г.Жамгырчиева «Кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдер» («Манас», «Эр Төштүк», «Кожожаш» эпосторунун мисалында), К.Калчакеев «Манас» эпопеясындагы сюжеттин көрөңгөлүү салты жана анын ийкемдүү уланып өнүгүүсү», С.Жумалиев «Манас» эпосунун лексикасынын хронотопологиялык стратификациясы» деген темаларда доктордук иштерин коргошту. Ал эми Манастын «Манас» таануу деген жалпы аталыштагы курсу, республиканын жогорку окуу жайларына өзүнчө дисциплина катары киргизилгенине ондогон жыл болгонуна карабай, аны студенттерге үйрөтүүнүн мазмунун, формалары менен каражаттарын системалаштырган бир дагы эмгек жок. Жогорку окуу жайлардагы окутуучулар аталган курсту окутуу боюнча методикалык (практикалык) жардамга муктаж.

Педагогикалык теориядагы жана практикадагы **көйгөйдүн абалын анализдөө** төмөндөгү карама-каршылыктарды ачыктады:

1. «Манас» таануу курсу республиканын жогорку окуу жайларынын ЖОЖдук компоненттин алкагында өзүнчө дисциплина катары киргизилген, ага карабастан анын дисциплина катары статусу аныкталган эмес, илимий-методикалык жактан анын предмет статусу негиздене элек.

2. Инсанды тарбиялоодо адеп-ахлактык багыттарды чагылдырган «Манас» эпосунун философиялык-педагогикалык этномаданият таануучулук бай мурасы жана бул баалуулук идеялардын жаш муундарды тарбиялоонун теориясында жана практикасында жетишсиз берилиши.

3. Мамлекеттик билим берүү стандарты боюнча «Манас» таануу курсун окуу процессине киргизүү жана көрсөтүлгөн курсту окутуунун адабий-теоретикалык, педагогикалык-дидактикалык жана методикалык жабдылышынын теорияда жана практикада жетишсиз иштелип чыгуусу, аны окутуунун технологиясы конкреттештирилген эмес жана практикада сыналган

эмес. Иштелип чыккан ал технологияларды практикада сыноо иштери жүргүзүлө элек. Мына ушундай муктаждыкты толтуруу максатында **«Жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери»** деген теманын алкагында доктордук диссертациялык изилдөө жүргүзүүнүн зарылдыгы келип чыкты.

**Теманын ири илимий программалары (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Тема Ош технологиялык университетинин кыргыз жана орус тилдери кафедрасынын 2012-2019-жылдардагы илимий изилдөө иштери менен байланышкан.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргызстандын жогорку окуу жайларында «Манас» таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргызстандын ЖОЖдорунда «Манас» таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүүнүн илимий-методикалык проблемалары, мазмуну, аны жүзөгө ашыруунун технологиялары.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздерин аныктоо, анын заманбап технологияларын иштеп чыгуу жана аларды практикага сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Учурдагы окутуу процессинин шарттарына ылайык Республиканын жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуунун теориялык-методологиялык негизин аныктоо.
2. Аталган курсту окутуунун педагогикалык, методикалык принциптерин учур талаптарына ылайык иштеп чыгуу.
3. Республиканын жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окуп-үйрөнүүнүн абалына анализ жүргүзүү, анын ЖОЖдордун мамлекеттик стандарттарында, окуу программаларында, окуу-усулдук адабияттардагы абалына анализ жүргүзүү.
4. Жогорку окуу жайларда «Манас» таануу курсун өзүнчө окуу дисциплинасы катары негиздөө, анын максатын, милдеттерин, формалары менен каражаттарын жана мазмундук түзүлүшүн аныктоо.
5. «Манас» таануу курсун окуп-үйрөнүүнүн заманбап технологиясын иштеп чыгуу, анын компоненттерин тактоо, окутуу принциптерин, методдорун аныктоо.
6. Аталган курстун иштелип чыккан технологияны турмушка ашыруунун жолдорун, аткарылуучу практикалык-методикалык иштердин системасын жана «Манас» таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүүнү мындан ары өркүндөтүүнүн келечектүү сунуштарын иштеп чыгуу.
7. Сунуш кылынган технологияларды өркүндөтүүнүн иштелип чыккан концепциясынын натыйжалуулугуна эксперименталдык изилдөө жүргүзүү, анын жыйынтыгын практикага киргизүү.

**Чечилүүчү проблема:** Учурдагы окутуу процессинин шартына жана кредиттик окутуунун талаптарына жараша «Манас» таануу курсун окутуунун адабий-теориялык, педагогикалык-дидактикалык жана методикалык технологиясын иштеп чыгуу, аталган курстун мазмуну менен формаларын,

каражаттарын тактоо, аларды андан ары өркүндөтүү жолдорун иштеп чыгуу маселелери турат.

**Изилдөөнүн божомолу (гипотезасы)** катары төмөнкү божомол алынды: «Манас» таануу курсун Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында окутуу оң натыйжаларды берет жана бир кыйла кыймылдуу болуп өтөт, эгерде:

- аталган курстун мамлекеттик стандарттардагы, концепциялардагы, программалардагы жана окуу-усулдук адабияттардагы орду аныкталса жана ал атайын дисциплина катары теориялык-методикалык жактан негизделсе;
- жогорку окуу жайлардагы «Манас» таануу курсунун максаты, милдеттери, мазмундук түзүлүшү такталса, аны окутуунун заманбап методикасы иштелип чыкса;
- «Манас» таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүүнүн заманбап инновациялык технологиялары иштелип чыкса, аны окутуу принциптери, методдору, каражаттары так аныкталса, аны окутуунун инструментарийин пайдалануу илимий жактан негизделсе;
- «Манас» таануу курсун окутуунун модели иштелип чыкса жана көрсөтүлгөн моделди киргизүү үчүн педагогикалык шарттар жүзөгө ашса, практикалык жана методикалык көнүгүүлөрдүн жана тапшырмалардын системасы түзүлсө, аларды ишке ашыруунун негиздери илимий-методикалык жактан туура иштелип чыкса жана практикага ырааттуу киргизилсе.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу:**

- Кыргызстандын жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окуу дисциплинасы катары теориялык жана методикалык жактан алгачкы ирет негизделишинде;
- биринчи жолу көрсөтүлгөн курстун илимий-методикалык көз караштын максаты, милдеттери, мазмуну, формалары жана окутуунун каражаттары аныкталышында жана такталышында;
- ЖОЖдордо «Манас» таануу курсун окуп-үйрөнүүнүн заманбап инновациялык технологиясы иштелип чыгышында, аны окутуунун адабий-теориялык, педагогикалык-дидактикалык жана методикалык принциптеринин, ыкмаларынын, методдорунун, формаларынын жана каражаттарынын аныкталышында;
- аталган курстун иштелип чыккан технологияны турмушка ашыруунун жолдорунун жана «Манас» таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүүнү мындан ары өркүндөтүүнүн келечектүү концепциясынын иштелип чыгышында;
- «Манас» таануу курсун окутууга арналган иш-чаралардын алгачкы ирет Республиканын ЖОЖдорунда практикаланышында.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Жүргүзүлүп жаткан изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуп жаткан окутуучуларга практикалык жардам көрсөтөт. Изилдөөдөн келип чыккан корутунду менен практикалык сунуштар «Манас» таануу боюнча жазыла турган окуу китептерин, усулдук колдонмолорду, окуу программаларынын мазмунун жакшыртууда таяныч база боло алат. Курсту өздөштүрүүдө студенттерге курстук, дипломдук иштерди, магистрдик жана кандидаттык диссертацияларды жазууда студенттерге, окутуучуларга,

изденүүчүлөргө адабий-теориялык, педагогикалык-методикалык багыт көрсөтөт.

**Диссертациянын коргоого алынып чыгылган негизги жоболору:**

- ЖОЖдордогу «Манас» таануу курсу өз алдынча обьектиси, предмети, мазмуну, түзүлүшү бар, өз алдына коюлган максат-милдеттери так дисциплина болуп саналат. «Манас» эпосу бүгүнкү күндө да келечектеги атуулдарды тарбиялоо үчүн таасирдүү жана актуалдуу болгон элдик, педагогикалык бай осуяттарды өзүндө алып жүрөт, анткени бул эпопея – кыргыз элинин тарыхы, анын жашоо тиричилиги, жалпы этномаданий өнүгүүсү, ал жөн гана элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүсү болбостон, каада-салттардын, жашоо-тиричиликтин, үрп-адаттардын кени, этностун миңдеген жылдар бою фольклордук адабиятта жүзөгө ашырган энциклопедиялык тарыхы. Кыргыздар улуттук гана эмес, жалпы адамзаттык көркөм-интеллектуалдык маданияттын шедеври болуп таанылган улуу эпикалык чыгарманын жаратуучулары болуп эсептелишет.
- ЖОЖдордо «Манас» таануу курсун окуп-үйрөнүүдө окуу иштерин натыйжалуу уюштурууга түрткү берген педагогикалык шарттардын комплекси камтыйт: окутуунун инновациялык технологияларын жана методдорун киргизүү (долбоорлор методу, окутууну дискуссиялык формалары-дискуссиялар, дебаттар, жарыш сөздөр, интеграцияланган сабактар, конструкция методун, детализация ыкмасын пайдалануу), эпосту окуп-үйрөнүүнүн интерактивдүү методдорун, технологияларын жана жаңы принциптерин, салттуу жана инновациялык ыкмаларды пайдалануу, студенттердин өз алдынча иштөө методдорун өнүктүрүү курсту өздөштүрүүнүн перспективалуу жолдорун ачат.
- Иштин негизги формалары болуп лекциялар, аңгемелешүүлөр, илимий конференциялар, семинарлар, эпосто айтылып өткөн жерлерге экскурсия жасоо болуп эсептелет. «Манас» үчилтигин кинодо, спектаклдерде,сүрөттө чагылдыруу, эпостогу тарыхый, географиялык материалдар жана элдик идеалдар, осуяттар, этностун зар-үмүттөрү «Манас» таануу курсун окуп-үйрөнүү үчүн бай материал болуп берет.
- «Манас» эпосун анализдөөнүн негизинде ЖОЖдун жалпы адамзаттык баалуулуктарга таянган, этникалык маданияттын, улуттук-маданий идентификациялоонун, башкы максаты келечектеги адистердин мекенчил атуулдук, жогорку адептүү инсандык сапаттарын калыптандыруу жана өнүктүрүү болуп аныкталган тарбия берүү процессин гумандаштыруунун идеяларына негизденген тарбия берүү системасынын концепциясы иштелип чыкты. «Манас» дастанынын идеяларын өздөштүрүү эмгекти сүйүү, тарбиялуулук, мекенчилдик, ар-намыс, кадыр-барк, мыкты эстетикалык сезим сыяктуу сапаттарды калыптандырат жана студенттердеги эпос үчүн сыймыктануу сезимин тарбиялайт.

Диссертациялык изилдөөнүн логикасы изилдөөнүн **методдорунун комплексин** аныктады:

➢ изилдөөнүн негизги методдору болуп окуп үйрөнүү, тарыхый-педагогикалык булактарды салыштырма-тарыхый жана ретроспективалык

анализдөө, изилденип жаткан проблема боюнча ата мекендик филологиялык жана педагогикалык ойлордун негизги тыянактарын заманга жараша жалпылоо жана проециялоо;

- педагогикалык тажрыйбаны окуп үйрөнүү жана жалпылоо;
- тажрыйбалык-эксперименталдык иш (констатациялоочу, калыптандыруучу жана текшерүүчү эксперимент);
- диагностикалык (анкетирлөө, аңгеме, түз, кыйыр, кошулган байкоо);
- алынган маалыматтарды математикалык жана статистикалык иштетүүнүн методдору жана эксперименттин жыйынтыктарын интерпретациялоо;
- эмпирикалык изилдөөдөгү динамиканын, өзгөчөлүктөрдүн жана айырмачылыктардын көрсөткүчтөрү сунуш кылынган.

**Изилдөөдө колдонулган методдор**: Диссертациялык изилдөөдө ар кандай изилдөөлөрдө колдонулуучу салтка айланган методдорду (илимий-теориялык, практикалык-эмпирикалык, эксперименталдык жана статистикалык) колдондук. Илимий-теориялык методдун алкагында тандалып алынган темага байланыштуу нормативдик документтер, адабий-теориялык, илимий-методикалык эмгектер талдоого алынды, жалпылаштырылды, жыйынтыгында аткарыла турган илимий изилдөөнүн жумушчу божомолу негизделди. Эмпирикалык-практикалык методдун алкагында байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү, сурамжылоо, анкета толтуруу, тест жүргүзүү, алардын жыйынтыктарын анализдөө жана синтездөө, сабактарга катышуу, талдоо, тажрыйбаларды үйрөнүү иштери жүргүзүлдү.

Эксперименталдык методдун алкагында байкоо, изилдөө, аныктоо, текшерүү жана жыйынтыктоо этаптары жүргүзүлдү. Тажрыйбалык-эксперимент мезгилиндеги аныкталган кемчилдиктер менен жетишилген ийгиликтердин пайыздык катышы аныкталып, изилдөөдөгү жалпылыктар, өзгөчөлүктөр жана айырмачылыктардын көрсөткүчтөрү сунуш кылынды.

**Диссертанттын жеке салымы:** Жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуунун мазмунун, формаларын жана каражаттарын иштеп чыккандыгы, аны окутуунун натыйжалуу методикалык ыкмаларын, технологияларын сунуш кылгандыгы, окутуунун салттуу ыкмаларынын негизинде салтка айланбаган заманбап сабактардын, инновациялык жана интерактивдүү окутуу технологиялары иштелип чыгып, аларды практикада сунушталгандыгы, иштелип чыккан ыкмалардын натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу сыноодон өткөрүлгөндүгү, илимий иштин изилдөө багыты боюнча жыйынтыктардын, сунуштардын апробацияланышы жана тастыкталышы диссертанттын жеке салымы катары каралышы керек.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо жана киргизүү** басма сөздө жарыялоо аркылуу (кырктан ашуун илимий-методикалык макалалар жарык көргөн), М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин кыргыз жана орус тилдери кафедрасынын отурумдарында отчёттор түрүндө жана диссертациялык кеңештин алдын-ала коргоосунда жүзөгө ашкан.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Илимий изилдөөнүн материалдары жана анын сунушталган жоболору 1 монографияда,

1 усулдук колдонмодо, чет өлкөдө жарыяланган 14, КРда чыккан 13 илимий макалада жарык көргөн.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Диссертация киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан, 404 аталышты камтыган библиографиялык тизмеден турат. Диссертация негизги тексттин 229 бетинде берилген, 9 таблица жана 9 сүрөттөн турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Биринчи бап «Манас» таануу курсунун мазмуну, аны окутуунун теориялык маселелери, курстун структурасы"** деп аталып, анда жогорку окуу жайларындагы «Манас» таануу курсунун мазмуну, максат-милдеттери жана теориялык негиздери, эпостун изилденишинин, жыйноо, жаздыруу, китеп түрүндө басып чыгаруунун тарыхы жана аны ЖОЖдордо окуп-үйрөнүүнүн проблемалары жана анын варианттары жана манасчылык өнөр тууралуу маалыматтардын адабий-теориялык, илимий-методикалык мааниси ачылып берилди.

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети тарабынан иштелип чыккан программанын кириш сөзүндө айтылгандай: «Манас» таануу курсунун максаты менен милдети – эпосту ар тараптан изилдеп үйрөнүүгө студенттерди даярдоо. Жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуунун объектиси–көркөм сөз өнөрүнүн туу чокусу, кыргыз элинин коомдук турмушунун энциклопедиялык жыйнагы, дүйнөлүк көчмөн цивилизациясынын кенчи, эпос чагылдырган доорлор, эпосто катышкан жүздөгөн каармандардын баатырдык иш-аракеттери, көркөм образдар дүйнөсү, поэтикасы тууралуу кенен маалымат берүү".

«Манас» таануу курсу боюнча программа сунуш кылган материалдардын мазмуну төмөнкүдөй:

1. «Манас» – кыргыз элинин эпикалык улуу мурасы.
2. «Манас» эпосунун мотивдери искусствонун башка түрлөрүндө.
3. Манасчылар жана «Манас» эпосунун варианттары.
4. «Манас» эпосун элдик манасчылардын оозунан жыйноо жана жазуу, басмада жарыялоо жана изилдөө иштери.
5. «Манас» эпосунун пайда болушу жана анда изин калтырган тарыхый доорлор.
6. «Манас» эпосу жана анын бөлүмдөрү, эпостун энциклопедиялуулугу.
7. «Манас» эпосунун энциклопедиялуулугу.
8. «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекеси, анда кабыл алынган жети осуят. Программа бул темалардын ар бирине кенен түшүндүрмө-аннотацияларды да сунуш кылган.

«Манас» таануу курсун окутууда «Манас» эпосунун жана дастандын легендарлуу каарманынын образынын тарбиялык маанисин баса белгилеп өтүү керек. Элдик каада-салттардын, үрп-адаттардын, дипломатиянын үлгүлөрүнүн казынасы студенттерди Ата Мекенди, өз элин сүйүүгө тарбиялайт, башка этностордун өкүлдөрү менен ынтымакта жана биримдикте жашоого үгүттөйт,

кыргыз элинин оозеки улуу дастаны мекенчилдик, баатырдык, толеранттуулук, адилеттүүлүк, ак ниеттүүлүк, адамгерчилик идеялары менен ширелген. Бул эпостун негизги идеялары. Улуу чыгарманы өздөштүрүү менен студент өз элинин каада-салттарын, үрп-адаттарын жана адептик баалуулуктарын ар тараптуу өздөштүрүүсү керек.

«Манас» таануу курсунун мына ушул максатына жараша анын **обьекти** дагы да ачыкталып көрүнөт, т.а.: эпостун бөлүмдөрү, анын толук сюжети, мазмуну, идеялык-тематикалык мааниси, композициясы, “манасчылык” өнөр” ж.б. Ал эми, курстун **предмети** катары:

***биринчиден,*** эпостун изилдениш тарыхын тактоо, аны изилдөөчүлөрдү үйрөнүү, изилдөөлөрдүн эмгектерин - илимий булак катары үйрөнүү;

***Экинчиден,*** эпосту айтуу өнөрүн окуп-үйрөнүү, манасчылык өнөрдүн табиятын, анын өзгөчөлүгүн үйрөнүү;

***Үчүнчүдөн,*** эпостун варианттары, алардагы өзгөчөлүктөр жана жалпылыктар, эпостун жалпы өзөгү, андагы салттуулукту үйрөнүү, эпостогу эл таануу, жер таануу, т.а. этнология маселелери, кыргыз таануу идеялары, элдик педагогика, этнография, этнопсихология, элдик дүйнө таануу идеялары, элдик медицина идеялары, эпостогу элдик осуяттар, эл-жерди коргоо, патриотизм, эпосту окуп-үйрөнүү тарыхы, ага жараша иштелип чыккан окуу-нормативдик адабияттар, окуп-үйрөнүү технологиялары, окуу китептер, бул иштердин келечеги ж.б. проблемалар эсептелинет.

Ушулардан улам «Манас» таануу илиминин **тармактары** келип чыгат:

«Манас» эпосу жана фольклор таануу;

«Манас» эпосу жана этнология; кыргыз таануу, улуттук идеология, улуттук дүйнө таануу;

«Манас» эпосу жана кыргыз тарыхы;

«Манас» эпосу жана кыргыз географиясы;

«Манас» эпосу жана кыргыз этнографиясы;

«Манас» эпосу жана этнопедагогика;

«Манас» эпосу жана этнопсихология;

«Манас» жана элдик медицина;

«Манас» эпосу жана сөз өнөрү;

«Манас» эпосу жана аскердик өнөр;

«Манас» жана искусствонун башка түрлөрү (театр, кино, архитектура, сүрөт өнөрү) ж.б.

Жогорку окуу жайларында тигил же бул предметти, курсту окутуу боюнча канча методист болсо, ошончо методика, ошончо технология болот, аны өздөштүргөн канча адис болсо, ошончо ой-пикир болот. Бирок ошолордун баарынын натыйжалууларын, алгылыктууларын ортого салып, аларды өздөштүрүүгө оңой болгон атайын бирдиктүү бир методикалык системаны иштеп чыгуу – ошол тармактын ар качан актуалдуу маселеси болуп келген. Аны үчүн атайын милдеттер менен максаттар коюлуп, аларды ишке ашырууда бир катар изилдөөлөрдү жүргүзүп, изилдөөнүн алкагында студенттердин билимдерин жана билгичтиктерин калыптандырып, алар ээ болуучу компетенцияларды тактап, андан соң гана натыйжаларды күтүү керек.

Ошондон улам, “Манас” таануу курсунун башкы **максаты** катары эпостун мазмунун ээлеген улуттук идеологиялык жана жалпы этнологиялык, анын ичинде, этнографиялык, этнопедагогикалык, этнопсихологиялык, улут таануу ж.б. маани-маңызы менен филологиялык, методологиялык жана да методикалык маселелерин аныктоо, аларды окуп-үйрөнүүнүн окуу-нормативдик, окуу-методикалык проблемаларын иштеп чыгуу болуп калат.

Асыресе, республиканын жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуу боюнча төмөндөгүдөй **милдеттердин** коюлушу талапка ылайык:

- Уникалдуу «Манас» үчилтигинин кыргыз маданиятындагы жана дүйнөлүк маданияттагы алган ордун белгилөө.
- Эпос жөнүндөгү алгачкы маалыматтар менен (окурманды, угарманды, окуучуну, студентти ж.б.) толук кандуу кабардар кылуу.
- Эпостун негизги темасы жана идеясы менен тааныштыруу.
- Байыркы менен бүгүнкүгө көпүрө болгон, Манас баатырдын баянын биздин күндөргө жеткирген, баатыр өзү тандап, даарыган залкар манасчылардын жеке чыгармачылыгын, алардагы айтуучулук өзгөчөлүктөрдү даңазалоо.
- Манасты изилдеген окумуштуулар жана алардын эмгектери менен тереңден маалымат берүү;
- Үчилтикти жазып алууда, кагазга түшүрүүдө, кара сөзгө келтирүүдө, басып чыгарууда жана которууда жүргүзүлгөн иш-аракеттер жөнүндө маалыматтарды берүү.
- Эпостун сюжетин, кыскача мазмунун, өзөктүү окуяларын окутуу, алардагы турмуштук-философиялык ойлордун, тажрыйбалардын маани-маңызды турмушунда колдонууга көнүктүрүү.
- Үчилтиктеги каармандар системасын талдоо жана өздөштүрүү.
- Эпостун өзөгүндөгү каада-салт, ырым-жырым, үрп-адаттарды жана улуттук дөөлөттөрдү окурмандардын аң-сезимине, жан-дүйнөсүнө жеткирүү.
- Эпостун окуяларын жана элементтерин кагазга түшүргөн сүрөткерлердин эмгектерин даңазалоо.
- Муундан-муунга оозеки айтылып келген таберигибиз менен сыймыктануу сезимин калыптандыруу.
- Табиятынан айтуу шыгы болбосо да ар бир окурманды Манастын саптарынан айта билүүгө, көркөм окууга жана кептик чеберчиликке машыктыруу.
- Эпостун негизинде жазылган пьесалар, драмалар, опералар, музыкалар, кинолор, даректүү фильмдер жөнүндө кабардар кылуу.
- Кыргыз баласы кылымдардын кыйырында Манастан кубат алып, «Манас» менен сыймыктанып да, сыйынып да келгендиктен, анын уникалдуулугун даңазалап улуттук жүзүн сактай алууга көмөк көрсөтүү.
- Кыргыз улутунун идеологиясынын пайдубалы болгон эпосту сактап, өнүктүрүү, жайылтуу менен урпактарды Ата-Журт үчүн күйүп жанган мекенчил болууга, эл камын ойлоого тарбиялоо.

Ырас, соңку мезгилде, «Манас» эпосун мектепте жана ЖОЖдордо окуп-үйрөнүү маселесин тереңдетүү иштери туруктуу түрдө колго алына баштады. Адегенде, 1999-жылы Кыргыз билим берүү академиясында өркүндөтүлүп иштелип чыккан орто мектептердин 5-11-класстары үчүн кыргыз адабияты окуу программасына 11-класска 18 саат өлчөмүндө «Манас» таануу курсу киргизилгенин эске алсак, бул аталган проблеманын чечилишинин башаты болгон десек жаңылышпайбыз. Кийинки жылдары, профессор С.О.Байгазиевдин «Манас» таануу аттуу китебинин чыгышы - «Манас» таануу курсун мектепте жана ЖОЖдордо окуп-үйрөнүүнү максаттуу нукка бурганы талашсыз. Аталган китепте «Манас» эпосунун изилдениши, жыйналышы, манасчылык өнөр, манасчылар, алардын варианттары, эпосто камтылган элдик педагогикалык жана этнопсихологиялык маселелер кыйла сөз болгон.

Андан соң, КРнын Билим жана илим министрлигинин демилгеси менен «Манас» эпосун ЖОЖдордо окуп-үйрөнүү маселеси коюлуп, профессор С.Байгазиев тарабынан ЖОЖдор үчүн «Манас» таануу предметин окуп-үйрөнүүнүн 30 саатты камтыган программасы түзүлүп сунушталган. Бүгүнкү күндө ушул аталган окуу программалары Кыргызстандын гуманитардык жана гуманитардык эмес ЖОЖдорунда негизги окуу программасы катары колдонулуп келүүдө.

Соңку он-он беш жылдын ичинде ЖОЖдордо «Манас» таануу курсун талаптагыдай окутууну илимий- теориялык жана педагогикалык-методикалык жактан жабдуу багытында да бир катар иштер аткарылды. Атап айтсак, профессор С.О. Байгазиевдин «Цивилизация жана Ата Журт тагдыры» (Б. 2008),«Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы» (Б.2012),К.Иманалиевдин «Манасоведение», (Б.2011), Т.Бакчиевдин «Введение в Манасоведение», «Краткий курс лекций», (Б.2012), «Манас» таануу, Б.2012), Т.Тургуналиев жетектеген топ түзгөн «Манас» таануу (Б. 2013) жана профессор К.Абакировдун Шиңжан «Манас» изилдөө борбору тарабынан жактырылып басууга сунушталган «Манас» таануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү» (Үрүмчү, 2016), жаш илимпоз Ч.Субагожоеванын «Кытай кыргыздарындагы «Манас» эпосунун сакталышы жана өнүгүшү» аттуу монографиялары буга күбө.

Профессор С.О.Байгазиевдин жогоруда аталган «Цивилизация жана Ата Журт тагдыры» аттуу көлөмдүү эмгегинен «Манас» эпосун окуп-үйрөнүүнүн башатында кимдер турганы тууралуу кызыктуу маалыматтарды алууга болот. Албетте, бул тажрыйба атактуу акын-педагог Нурмолдонун эпосту окуп-үйрөнүүгө салган алгачкы чыйыры болгону талашсыз. Андан кийинки мезгилдерде Манасты мектеп окуп-үйрөнүү иши оор жана кайгылуу тагдырга туш болгону да тарыхыбызда белгилүү. Атап айтканда, кыргыздын алгачкы педагогдору жана окумуштуулары З.Бектенов менен Т.Байжиев тарабынан жазылган кыргыз адабияты окуу китеби бир жыл окутулуп, анан мектептен алынып өрттөлүп жок кылынган, ал эми авторлору болсо камакка алынган. Бул окуядан кийин «Манас» эпосун мектепте жана ЖОЖдордо окутуу маселеси үчүн кыйла мезгил бою күрөш жүрүп келди.

Ошол күрөштөрдүн ичинде «Манас» таануу курсун негиздөө, элдик жана илимий негизин табуу, предметин жана мазмунун аныктоо турары шексиз. Ушул тууралуу маселени козгоп келип, «Манас» таануунун элдик башаттары, курстун предмети жана «Манас» таануу илиминин багыттары тууралуу профессор К.Абакиров жогоруда аталган эмгегинде жазган төмөндөгүдөй маселелер көңүл бурууга арзыйт, т.а. эмгектин биринчи бабында «Манас» таануунун элдик башаттары» аттуу биринчи параграфында: «Манас» таануунун элдик башатында көчмөн турмуш, жоокердик заман шарттарында узак мезгилде калыптанган адамдын сүйлөө, сөз кадырын, анын ичинде көркөм сөз наркын баалоо жөндөмүнөн, ага удаалаш оозеки поэтикалык чыгармалардын идеялык-мазмундук жана эстетикалык нарк-насилине коюлган бийик жана кыйла катаал элдик талап, ошого ылайык берилген ар тараптуу баа ченем же сынчыл мамиле жатат» - деп туура белгилеген.

**«Жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору менен принциптери»** деген аталыштагы **экинчи бапта «**Манас**»** таануу курсу боюнча изилдөөнүн негизги материалдары, изилдөө методдору, принциптери тууралуу сөз болгон.

**Изилдөөнүн объектиси:** Республиканын жогорку окуу жайларында «Манас» таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** Республиканын ЖОЖдорунда «Манас» таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүүнүн илимий-методикалык проблемалары, мазмуну, аны жүзөгө ашыруунун технологиялары.

**Изилдөөнүн негизги материалы болуп булар эсептелинди:** «Манас» эпосу, анын варианттары, эпос боюнча изилдөөлөр, анын тексттери, алардагы илимий көз караштар. «Манас» таануу дисциплинасын окутуу боюнча окуу программалары, окуу китептер, методикалык эмгектер жана илимий макалалар.

«Илимий изилдөөнүн методдору» деген параграфта изилдөөнүн теориялык методдору т.а. тема боюнча изилдөөлөрдү талдоо, жалпылоо, анализдөө менен синтездөө ишке ашырылды, корутундулар чыгарылды жана жана сунуштар берилди. Ал эми «Изилдөөнүн эксперименталдык методдору» деген параграфта ЖОЖдордун окутуучуларынын «Манас» таануу дисциплинасын окутуунун абалы жана студенттердин өздөштүрүү деңгээли анализге алынып, жалпыланды. Эксперименттин ар бир этаптары илимий негизде өттү. Эксперименталдык материалдар сыноого коюлду, тесттер алынды, көркөм окуулар, кечелер, викториналар өткөрүлдү. Биз тараптан сунушталган чыгарманы ***эпостун мотиви менен көркөм окуу, эпизоддорду деталдаштыруу*** жана таанып-билүү теориясынын негизинде ***конструктивдүү үйрөнүү негиздерине жана долбоорлоп изилдөө методдоруна*** таянып иштөө жана да ***интеграциялап окутуу*** жолдору сыналды, алардан алгылыктуу жыйынтыктар алынды.

Учурда Кыргызстандагы жалпы педагогикалык ЖОЖ болуп эсептелинген И.Арабаев атындагы Кыргыз улуттук университетинде «Манас» таануу институту иштеп келет. Аталган окуу жайдын окуу планында «Манас» эпосун окуп-үйрөнүүгө кенен мүмкүнчүлүктөр берилип, 1-4-курстарда «Манас» таануу сабагын окутуу методикасы, манасчылык өнөр, манасчылыкка үйрөтүү,

«Манас» таанууга киришүү, эпостогу идеология, «Манас» эпосунун лингвистикасы, «Манас» эпосундагы негизги образдар, «Манас» эпосун изилдөө тарыхы, «Манас» – кыргыз элинин эпикалык поэзиясы, эпостун классикалык этнографиясы, «Манас» эпосундагы этнопедагогика ж.б. теориялык-практикалык сабактар жүрүп келет.

Педагогикалык **эксперименттин түрлөрү** бири-биринен эриш-аркак удаалаш колдонулуп, салыштыруу жүргүзүү үчүн эксперименттик жана контролдук группалар тандалып алынган. Эксперименттик тыянактардын ишенимдүүлүгү эксперименттин шарттарын сактоодон түздөн-түз көз каранды болот. Жалпысынан, изилдөөгө ар түрдүү ЖОЖдор тартылганын, анда окутуучулар менен бирдикте студенттер катышкандыгын эсепке алсак, изилдөө объектиси жетишерлик чоң масштабда болду деп айтууга негиз бар. Ош жана Жалал-Абад шаарларынын жогорку окуу жайларынын окутуучуларынан 11 педагог катышты. Экспериментти уюштуруу алдында биз эң негиздүү деген темалардын үстүндө иштедик. Ишибиздин негизги багыты төмөндөгү **темаларды** камтыды:

- «Манас» эпосунун негизги идеясы жана эпос жөнүндөгү алгачкы маалыматтар;
- «Манас» эпосун эл арасынан жыйноо, кагазга түшүрүү;
- эпосту изилдеген окумуштуулар;
- Манасты баяндап айтуучулар, манасчылар;
- «Манас» эпосунун варианттары;
- «Манас» эпосунун окуяларынын негизинде жазылган пьесалар, драмалар, опералар, даректүү фильмдер;
- эпостогу каармандардын образдарын ачып берүү;
- изилдөөлөрдү салыштыруу, жалпылоо;
- «Манас» эпосун башка предметтер менен айкалыштырып окутуу.

Жогорудагы аталган темаларды изилдөө абдан кызык болду, анткени биз көптөгөн даректүү маалыматтар менен таанышып, аларды окуп чыгып, алгылыктууларын жогорку окуу жайлардын студенттерине сабак берүүдө колдонууга, алардан көптөгөн натыйжалуу жыйынтыктарды ала алдык.

Биздин изилдөөнүн жүрүшүндө педагогикалык эксперимент алты жыл аралыгында (2012/18-жж.) үч этапта, төмөнкүдөй жүгүртмөдө жүргүзүлдү:

- биринчи этап 2012-2013 жана 2013-2014-окуу жылдары **байкоо жана аныктоо жүргүзүү** этабы.
- экинчи этап 2014-2015 жана 2015-2016-окуу жылдары **изденүү иштерин жүргүзүү** этабы.
- үчүнчү этап 2016-2017 жана 2017-2018-окуу жылдары **окутуу жана жыйынтыктоо** этаптары.

**Байкоо жана аныктоо деп аталган I этапта** (2012-2014-окуу жылдары) – изилдөөнүн темасына байланыштуу адабияттарды окуп, теориялык маалыматтарды жыйнап, изилденип жаткан теманын айланасындагы материалдарды, маалыматтык булактарды талдоонун негизинде диссертациянын илимий аппаратын аныктадык. «Манас» таануу дисциплинасына арналган сабактардын ар кайсы жогорку окуу жайларындагы айырмачылыктарын байкап, төмөнкүдөй таблица түздүк:

**Байкоо жана аныктоо этабы**

**Максаты**: ЖОЖдордун «Манас» таануу дисциплинасына арналган сабактардын айырмачылыктарын байкап, алардын ортосундагы жалпылыктарды айкындап, практикада аткарылып жаткан иштерди үйрөндүк, изилдөөнүн илимий божомолун иштеп чыктык.

**Милдети:** Эксперименттик иштерди жүргүзүүнүн негизин аныктоо, аны жүргүзүүнүн жолдорун, максаттарын, милдеттерин тактоо.

**Изилдөө методдору:** Педагогикалык байкоо жүргүзүү; алдыңкы эмгектерди, тажрыйбаларды үйрөнүү, изилдөө, талдоо; окутуучулар жана студенттер менен баарлашуу.

**Эксперименттик материалдар:** 1) "Манас" эпосунун негизги идеясы жөнүндө эмне билесиңер? 2) Элдик оозеки чыгармалар кандай чыгармалар? 3) "Манас" эпосунун баа-баркы тууралуу айтып бергиле. 5) Эпостун эл арасынан чогултуу иштери жөнүндө эмне билесиңер? 6) Манасчылык өнөр деген эмне? 7) Манастын чоролору кимдер? 8) Үчилтиктеги аялдардын образдары жөнүндө эмне айта аласыңар?9) Эпостогу достук, патриоттук кандайча ачылат? 10) Манастын баатырдыгы кайсы жерлерде көрүнөт? 12) Баатырдын баатырдык ишетринде Каныкейдин кандай салымы бар? 13) Бакай деген ким? 15) С.Каралаев деген ким болгон? 16) С.Орозбаков деген ким? 17 Манастын осуяттары кайсылар? 19) "Семетей" эпосу жөнүндө айтып бергиле. 20) "Сейтек" эпосу тууралуу айтып бергиле?

**Алынган натыйжалар:** 1) Студенттердин эпос тууралуу жалпы маалыматтагыныын жана билиминин деңээли аныкталды; 2) Эпостун идеялык-тематикалык маани-маңызы тууралуу толугураак маалымат берүү зарылдыгы аныкталды; 3) Студенттердин эпостун текстти, андагы оз ок окуялары, образдары ж.б. боюнча кандай иштерди жүргүзүү багыттары изилденүү керектиги маалым болду. 4) Эпосту окутуу методдору менен технологияларын иштеп чыгуу зарылдыктары такталды.

Изилдөөгө алынган иштин илимий божомолунун канчалык туура экендигин, «Манас» таануу курсун өздөштүрүүгө арналган сабактарда интерактивдүү окутуунун канчалык деңгээлде ишке ашып, кандай ийгиликтерге жетип жаткандыгын билүү максатында бир катар иш чаралар жүргүзүлүп, мониторинг жүргүзүү менен окутуунун жүрүшүнө анализ жасалды.

Экспериментке «Манас» таануу курсун ишке ашырып жаткан окутуучулар, ага окутуучулар, доценттер, профессорлор жана студенттер катышып, биз алар менен баарлашуу аркылуу учурдагы билим берүү саясатынын заманбап концепцияларынын бири–интерактивдүү, инновациялык окутуу, аларды пайдалануунун абалын, «Манас» таануу предметин интерактивдүү окутуудагы жетишкендиктер менен кемчилдиктерин, окутуунун салттуу формалары менен болгон карым-катышын байкоо, окутуунун сапатын көтөрүү ишинде болуп жаткан жаңычылдыктарды жайылтуу багытында дидактикалык, адабий-эстетикалык маселелерди, жол-жоболорду сунуштоо жана анда натыйжага ээ болуунун илимий божомолун аныктап чыгууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Дисциплинанын максаты: Сабакка байланышкан чыгармачылык маалыматтарды илимий-изилдөө эмгектерге таянып, студенттерге манасчылардын өнөрү, анын тарыхы

жана эпостун негизги окуялары боюнча кеңири маалыматтарды кучагына алган улуттук адабияттын көркөм сөз өнөрүнүн тарыхый-теориялык маселелерине үйрөтүү «Манас» таануу предметинин негизги максаты болуп эсептелет, – деп жазылып, андан ары максаттар менен милдеттер өз-өзүнчө тарам-тарам болуп көрсөтүлгөн.

Педагогикалык эксперименттин башталышында (2012-2014-жылдар) тайпаларды эки топко бөлдүк:

- биринчи топ – тажрыйба тобу,
- экинчи топ – байкоо тобу.

Бул учурда эксперимент үчүн материалдар берилген эмес болчу, эки топ бирдей эле шарттарда, бирдей эле методика окуп жатышкан. Натыйжа төмөнкү таблицада көрсөтүлдү. (Т-тажрыйба тобу, Б – байкоочу тобу).

**Таблица 2.1. - «Манас» таануу курсун өздөштүрүү боюнча (тажрыйбага чейинки этап, 2012-2014-жылдар.)**

| № | Окуу жай | Студ. саны | Жогорку | | Орто | | Төмөн | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | т.т | б.т. | т.т | б.т. | т.т | б.т. |
| 1. | ОшМУ | 49 | 11<br>22,4% | 10<br>20,4% | 10<br>20,4% | 8<br>16.4% | 5<br>10,2% | 5<br>10,2% |
| 2. | ОшТУ | 48 | 9<br>18,7% | 8<br>16,6% | 9<br>18,7% | 10<br>20,8% | 6<br>12,6% | 6<br>12,6% |
| 3. | ЖАМУ | 51 | 11<br>21,5% | 10<br>19,6% | 9<br>17,8% | 10<br>19,6% | 6<br>11,7% | 5<br>9,8% |
| 4. | ОшКӨУ | 52 | 9<br>17,4% | 8<br>15,3% | 11<br>21,2% | 10<br>19,3% | 6<br>11,5% | 8<br>15,3% |
| 5. | ОГПУ | 51 | 10<br>19,6% | 9<br>17,6% | 10<br>19,2% | 9<br>17,6% | 7<br>13,7% | 6<br>11,7% |
| **Баары:** | | 251<br>100% | 50<br>19,5 % | 45<br>17,5% | 49<br>19,9% | 47<br>18,7% | 30<br>12,7% | 30<br>11,5 % |

Сабактын мазмунун жана формасын аныктоочу дидактикалык принциптер, студенттерге карата окутуучулардын мамилеси, сабактагы илимий-педагогикалык негиздер, студенттердин сабакка катышуусу, сабакты өздөштүрүү деңгээлдери, кызыгуулары, студенттердин билимин баалоо жана андагы психологиялык абал, муктаждыктары такталды.

Мындан тышкары, окуу процессин ишке ашырууда дисциплиналар үчүн башкы курал болгон «жумушчу программалар» менен таанышып, андагы жалпылыктарды байкадык. Албетте, жогорку окуу жайлардын бардыгында «Манас» таануу боюнча жумушчу программалар бирдей эле тартипте экен, себеби ал программалар Билим берүү министрлигинин буйругу менен кабыл алынган типтүү программанын негизинде түзүлгөн.

Жүргүзүлгөн эксперименттик иштердин натыйжасында ЖОЖдордун окутуучуларынын «Манас» таануу сабагында колдонгон ыкмалары, дидактикалык, адабий, эстетикалык, теориялык булактары, билим берүүдө маанилүү деп эсептелинген көз караштары, окутууну жаңылоого тийиш болгон педагогикалык мамилелери, окутуунун заманбап ыкмаларын колдонуу мүмкүнчүлүктөрү жана чеберчиликтери, заманбап окутуу ыкмаларын пайдаланууга **зарыл** болгон төмөнкү көрүнүштөр айкындалды:

- Кыргыз маданиятынын тарыхын, этнографиясын, этнопедагогикасын үйрөнүү;
- акыл-ой, рухий сөз байлыгын өстүрүү, эл камын ойлоо, мекенчил болуу компетенцияларын, активдүү жарандык позицияларын калыптандыруу;
- эпостун кыргыз элинин рухий турмушундагы ролу, коомдук аң-сезиминин формаларын түзүү;
- философиясы, моралы, искусствосу, тарыхы, дини, психологиясы, этнографиясы, тили, географиясы, астрономиясы, медициналык түшүнүктөрү, укуктук көз караштары жөнүндө маалыматтарды студенттердин аң-сезимине сиңирүү;
- чыгарманын идеясы жана темасы, варианттарынын сюжеттик-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн талдоого үйрөтүү;
- «Манас» эпосунун дүйнөлүк маданияттын көөнөрбөс үлгүлөрүнүн ичинен теңдеши жок экендигин билишет;
- эпостун улуттук идеологиянын башаты экендигин түшүнүшөт;
- Ата-Журттун мүдөөлөрүн, калайык-калктын кызыкчылыктарын жогору коюуга үйрөнүшөт;
- Мекен алдындагы ыйык парз, абийир, ар-намыс үчүн күрөш, ата-баба салтын аздектөөгө көнүгүшөт.

Андан ары «Манас» таануу предметинин жалпы билим берүү программасынын структурасындагы ордунун мүнөздөмөсү орун алган: «Манас» – улуу кыргыз элинин бүткүл басып өткөн тарыхындагы ата-бабалардын башынан өткөргөн түрдүү тарыхый-социалдык, коомдук этаптарды көп кырдуу чагылдырган рухий-көркөм поэтикалык мурас. Эпосто кыргыз этнопедагогикасы, эл тарабынан иштелип чыккан дидактикалык көз караштар, улуулардын жаш муундарга көргөн камкордугу, таалим-тарбия берүүнүн элдик ыкмалары, элдик философиянын табигый жаралуусу, калыптануусу, өнүгүүсү, дүйнөнү таанып-билүүсү орун алган. «Манас» эпосун ар тараптуу окуп-үйрөнүү, рухий баалуулугун сактоо, илимий-теориялык негизин туура түшүнүү «Манас» таануу предметинин башкы милдеттери. Аталган дисциплина – лекциялык, практикалык, семинардык сабактар формасында окуп-үйрөтүлдү.

Лекциялык сабактарда эпостун кыргыз элинин рухий турмушундагы ролу, анын жаралышы: божомолдор, уламыштар, тарыхый далилдер, изилдөөнүн тарыхы, эпосту жыйноо жана жарыялоо иштери, манасчылар жана манасчылык өнөр, изилдөөчү окумуштуулар ж.б. жөнүндө маалыматтар берилди.

Практикалык сабактарда «Манас» эпосунун сюжети, негизги өзөк окуялары, эпостогу идея, тема, образдар системасы, чыгарманын адеп-ыймандык маани-маңызы үйрөнүлдү. Өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалардын темалары, аларды аткаруу тартиби сунушталды.

Жыйынтыгында, эксперименттик изилдөө учурунда–байкоо, изилдөө, аңгемелешүү, баарлашуу, сабактарга катышуу сыяктуу бир катар иш-чаралар «Манас» таануу предметин өтүүдө окутуучулар кантип даярдана тургандыгын, кандай маалыматтык булактарга таяна тургандыктары, алардын чыгармачылык деңгээлдерин да аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлдү. Алынган байкоолорду, жоопторду, маалыматтарды тактоо, жалпылаштыруу үчүн төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:

- айрым окутуучулар аталган сабактарда салттуу ыкмаларды гана колдонуп, ал эми интерактивдүү, инновациялык ыкмаларды колдонууну аз пайдаланыша тургандыгын билдик, анын себеби заманбап багыттагы ыкмалардын негизги

концепцияларын окутуучулар жеткиликтүү түшүнө алышкан эмес, натыйжада «Манас» таануу предметин алып барууда заманбап ыкмаларды чала-чарпыт өздөштүрүү менен үстүртөн гана колдонуу анча ийгилик бере электигин байкадык;

- «Манас» таануу сабагын интерактивдүү окутууга илимий педагогикалык булактардын жетишсиздиги, ошондой эле аталган концепциянын учурдагы адабий-эстетикалык билим берүүгө ыңгайлаша электигин, б.а., массалык түрдө баардык ЖОЖдордо интерактивдүү багытта окутуунун теориялык, практикалык, илимий-методикалык негиздери – билим берүү системасы талап кылган натыйжаларга ээ боло электигин көрсөттү;
- баарлашуунун жана байкоонун негизинде «Манас» таануу предмети боюнча окутуунун заманбап ыкмалары тууралуу методикалык семинарлар, тренингдер өтө аз боло тургандыгын билдик;
- интерактивдүү-инновациялык окутуунун теориялык жана практикалык маселелери боюнча методикалык колдонмолордун, көрсөтмөлөрдүн иштелип чыгышы зарыл болуп жаткандыгын далилдедик, ошондой эле ал методикалык эмгектер өзүбүздүн кыргыз тилинде жетишсиздигин аныктадык;
- аныкталгандардын негизинде заманбап окутуу ыкмалардын аткарылышына карата окутуучулардын илимий-методикалык, илимий-педагогикалык, дидактикалык суроо-талаптарын, муктаждыктарын канааттандырууга карай активдүү иш-аракеттерди жана иш-чараларды жүргүзүү зарыл экендигин тастыкталды.

**Изденүү иштерин жүргүзүү этабы деп аталган II этапта** болсо (2014-2016-окуу жылдары) – жогорку окуу жайларда «Манас» таануу курсун окутуунун ал-абалы аныкталып, курсту ишке ашыруунун мазмундук, структуралык жана практикалык үлгүсү иштелип чыгып, изилдөөнүн темасына ылайык сабактын алгылыктуу инновациялык жана интерактивдүү ыкмалары иштелип чыгып, практикага киргизилди. Заманбап сабактардын иштелмелери берилди, «Манас» таануу предметин окутуу технологиялары сунушталды.

Изилдөөнүн бул этабында (2014-2016-жылдар) «Манас» таануу дисциплинасын окутуунун компоненттери, мазмундук-структуралык үлгүсү иштелип, тажрыйбага коюлду. Курсту окутуунун дидактикалык принциптери, технологиялары иштелип чыкты. Ушул этапта ЖОЖдордо «Манас» таануу дисциплинасын окутуунун технологиялары иштелип чыгып, ал аркылуу натыйжаларга жетишүү үчүн эксперименталдык топторго төмөнкүдөй иш-аракеттерди сунуш кылдык: окуу программасына жана окуу китептерине айрым тереңдетүүлөрдү коштук, сабактарды кошумча материалдар менен жабдыдык, окутуунун интерактивдүү технологияларын сунуштадык; эпостун текстин талдоо иштерин өтө активдештирдик, «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү ар бир сабакта уктуруп турдук, манасчылардын өмүр баяны, эскерүүлөрү менен тааныштырдык, энциклопедиялык багыттагы «Манас», «Сагымбай», «Саякбай», «Манас» сөздүгү» китептерин кеңири пайдаландык, адабий-тарыхый изилдөөлөрдү колдондук, алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүп, алардын оң жактарын өзүбүз жана экспериментатор мугалимдер пайдаланды, сабактарды заманбап технологиялар менен жабдыдык. Мына ушул аракеттер биздин ишибиздин оптималдуу болушуна педагогикалык шарттарды түзүп берди.

Бул этаптын алдына төмөнкүдөй максат, милдет, изилдөө методдору коюлуп, төмөнкү таблицага киргиздик:

**Таблица 2.3.4. Изденүү иштерин жүргүзүү этабы**

**Максаты:** «Манас» таануу предметин окутууда интерактивдүү окутуунун дидактикалык жана адабий-эстетикалык негиздерин аныктоо жана өзүбүз иштеп чыккан методиканы апробациялоо (окутуу процессине же практикага киргизүү).

**Милдети:** «Манас» таануу предметинин окутуучусунун инновациялык окутуу боюнча теориялык, педагогикалык, дидактикалык билимин, чеберчилигин, адистик деңгээлин аныктоо, "Манас" таануу предметин окутуу процессинин окуу-методикалык, материалдык-техникалык жактан камсыз болушун талдоо, студенттердин жөндөмүн, билимин, суроо-талаптарын, интерактивдүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо жана талдоого алуу, биз тараптан иштелип чыккан ыкмаларды апробациялоо (окутуу процессине же практикага киргизүү) жана анын негизинде «Манас» таануу курсу боюнча билим алууну жакшыртуу.

**Изилдөө методдору:** Баарлашуу,аңгемелешүү, сабактарга катышуу, аларды талдоо, өзүбүз иштеп чыккан методика боюнча сабактардын үлгүсүн же болбосо план-конспектин түзүү, аны менен сабак өтүү, өтүлгөн сабакты талдоо, студенттердин чыгармачылыгын өстүрүү, алардын жазуу жана оозеки иштерин текшерүү, билим деңгээлин баалоо.

**Жетишилген натыйжалар:** 1) "Манас" таануу курсунун жалпы түзүлүшү аныкталды; 2) Курстун обьекти, предмети, максат-милдеттери изилденип такталды; 3) "Манас" таануу курсунун мазмуну, анын компоненттери такталды; 4) Курсту окутуунун методдору, технологиялары аныкталды; 5) Стунденттерге эксперименттик ищтерди жүргүзүү шарттары, тайпалар түзүлүп, аудиториялык жана аудиториядан сырткаркы иштер жүргүзүлдү.

Бул изденүү этабы «Манас» таануу предметин талаптагыдай окутууну жүргүзүүгө катыштыгы бар окутуучулардын сабагына катышуу менен уланып, натыйжада тандалып алынган тайпаларга, (т.а., тажрыйба жана байкоочу топтору) биз тараптан иштелип чыккан ыкмалар менен сабактардын топтомдору (бир нече) өткөрүлдү.

Саналып өткөндөрдүн бардыгы – окутуунун сапатын жакшыртууга кандайдыр бир деңгээлде жардамга келди. Сабактарга катышуу иш-чарасы изилдөө ишибиздин мазмунун, максатын жана милдетин так аныктап, туура ишке ашыруу үчүн жүргүзүлгөндүгүн эскерте кетмекчибиз.

Изденүү иштерин жүргүзүү этабын жыйынтыктоочу процесс бул – студенттердин билимин баалоо болуп саналат. Окутуучунун баа коюусу, же студенттин баа алуусу өтүлгөн теманы бышыктоодо, өздөштүрүүдө жыйынтык катары милдет аткараары баарыбызга маалым. Демек, студенттин билимин баалоо иши жөнөкөй иш эмес. Студенттерге берген оозеки жана жазуу иштери өз алдынча аракет кылуу же өз алдынча иштөөгө арналган атайын тапшырмалар болгондуктан, аларды – студенттер өздөрүнүн фантазиясына, өздөрүнүн чеберчиликтерине жараша аткарышат.

Студенттер тарабынан аткарылган иштер-ар биринин акыл-оюнун, жөндөмдүүлүгүнүн продукциясы. Демек, аларды баалоо да түрдүү багытта жүрүшү

керек. Мындан улам, биз «баалоо» процессин ишке ашырууда төмөндөгүдөй жагдайларды байкай алдык: ***Биринчиден,*** бирден-бир туура, анык жообу болбогон жана болушу да мүмкүн эмес маселелер жаралганда студенттердин билимин баалоо кыйынчылыкты туудурат. ***Экинчиден,*** окутуучу студенттин кагазга жазылган же болбосо оозеки айткан жообундагы тууралыкты эмес, студенттин аракет кылуусун, изилдөө иштерин башкы орунга койгондо окутуунун ийгилиги артмакчы. Мында студенттин ой жүгүртүүсү, өз алдынча иш-аракети жогору бааланат. ***Үчүнчүдөн,*** окутуучу студенттин тапшырма аткаруусун чектебестен эркин койсо, студент – эмнени билүүгө, эмнени жасоого тийиш экендигин туюп, «баалоо» процессинде окутуучусуна өзү жардамдаша алаарын түшүндүк.

Жогорудагы саналып өткөн шарттарды жүзөгө ашыруу аркылуу төмөнкүдөй натыйжаларды чыгардык: «Манас» таануу предметин салттуу жана интерактивдүү окутуу багытындагы иш чараларды – сабакты уюштуруу, теориялык маалыматтарды берүү, адабий анализ жасоо, эстетикалык жана көркөм дөөлөттөрдү аныктоо, илимий-методикалык даярдыктар, окутуучулардын сабакка карата даярдыктарын аныктоо максатында педагогикалык эксперименттерди жүргүзүү, изилдөө, аңгемелешүү, анкета өткөрүү, сабактарга катышуу, кызыккан сабактардын план-конспекти менен жакындан таанышуу сыяктуу методдору проблеманы аныктоо талабына, окутууга, маселени чечүү мүмкүнчүлүгүнө жараша пайдаланылды.

Алынган жооптор, практикалык иш чараларда аныкталган көрүнүштөр «Манас» таануу предметин интерактивдүү окутууда, өзүнчө бир система катары же заманбап форма менен мазмунга ээ болгон илимий-методикалык негиз катары иштелип чыга электигин көрдүк. «Манас» таануу предметин интерактивдүү окутуунун формалары, ыкмалары иштелип чыкты, ал ыкмаларды практикага киргизүү максатында бир нече сабактар өтүлүп, апробацияланды жана илимий-методикалык негиздери түзүлдү. Өткөрүлгөн сабактар илимий иштин божомолун аныктоо үчүн тиешелүү деңгээлде уюштурулуп, күтүлгөн жыйынтыктар биз ойлогондой болду.

«Манас» таануу предметин интерактивдүү окутуу, заманбап ыкмаларды колдонуу үйрөтүү багытындагы эксперименттин аныктоо этабы, андагы байкоо жүргүзүү, изилдөө аталган этапта жыйналган маалыматтар, келип чыккан натыйжалар изилдөөнүн илимий божомолуна бир катар олуттуу толуктоолорду кошту.

**Изилдөөнүн жыйынтыктоочу III этабы «Окутуу жана жыйынтыктоо этабы»** деген аталышта 2016-2018-окуу жылдары аткарылып, эксперименттик иштин жүрүшүндө аныкталып жана сунуш кылынган ыкмалардын негиздүүлүгү менен ишенимдүүлүгүн сыноодон өткөрүү максатында практикага киргизилип, текшерүүдөн өтүп, алынган жыйынтыктар апробацияланып, тастыкталып, алардын негизинде изилдөөнүн корутундулары, сунуштары жазылды.

Бул этапта «Манас» таануу предметин интерактивдүү окутуунун илимий божомолго негизделген сабактын үлгүлөрү биз менен тыгыз байланышта иштешкен окутуучуларга берилип, ал боюнча Ош технологиялык университетинде, Ош мамлекеттик университетинде, Кыргыз-Өзбек университетинде, Ош гуманитардык-педагогикалык институтунда, Жалал-Абад мамлекеттик университетинде сабактарды өткөрүштү.

Аталган окуу жайлардын студенттеринин арасында «Манас» эпосу – кечээ, бүгүн жана эртең» аттуу илимий-практикалык конференция өткөрүүгө жетиштик. Конференцияда эң мыкты деп табылган он беш студенттин макаласын баалап, кызыктыруучу сыйлык мактоо грамотасы менен сыйладык. Негизинен тажрыйба жана байкоочу топторунда 250 дөн ашуун студент катышып, алардын алган билими, билгичтиктери жана көндүмдөрү окутуучулар тарабынан текшерилди.

Натыйжада, мыкты теориялык билим алган, интерактивдүү ыкмада иш алып барган тажрыйба тобундагы студенттер, «Манас» таануу предметин өздөштүрүү, манасчылардын өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу билүү, өзөк окуяларды деталдаштырып үйрөнүү, образдар системасын талдоо, окуу материалдарын интеграциялап үйрөнүү, изилдеп долбоорлор менен иштөө, курстун энциклопедиялуулугу боюнча билимдери, ошондой эле, адабий көз караштары ж.б. байкоочу тобундагы студенттерге салыштырмалуу жогору болду.

**Максаты:** «Манас» таануу предметин заманбап ыкмада окутуу боюнча иштелип чыккан илимий божомолдун тууралыгын текшерүү, жыйынтыктоо.

**Милдети: И**зилдөөнүн жыйынтыктары боюнча баяндамаларды жасоо, конференцияларга катышуу.Изилдөөгө байланышкан макалаларды жарыялоо, сабактын үлгүлөрүн түзүү жана аны мугалимдерге сунуштоо, заманбап окутуунун оптималдуу жолдорун, формаларын иштеп чыгуу ж. б.

**Изилдөөнүн методдору:** Мугалимдер менен аңгемелешүү, студенттерден контролдук иштерди алуу, монолог айттыруу, көркөм окутуу, образдар системасын өздөштүрүү.

**Эксперименттик материалдар:** 1) “Манас” эпосунун негизги идеясы; 2) “Манас” эпосу жөнүндөгү алгачкы маалыматтар; 3) “Манас” эпосун эл арасынан жыйноо, кагазга түшүрүү; 4) Эпосту изилдеген окумуштуулар; 5) “Манасты” баяндап айтуучулар, манасчылар; 6) «Манас» эпосунун варианттары; 7) «Манас» эпосунун окуяларынын негизинде жазылган пьесалар, драмалар, опералар, даректүү фильмдер; 8) Эпостогу кыргыз тарыхына жан агеографиясына байланыштуу маалыматтар; 9) Эпостун элдик педагогикалык мааниси; 10) Эпостогу аскердик өнөр; 11) Эпостогу элдик оюндар; 12) Эпосту башка преметтер менен айкалыштырып окутуу.

**Окутуунун натыйжалары:** ЖОЖдордо «Манас» таануу предметин салттуу жана интерактивдүү окутуу жүзөгө ашырылды; 2) Студенттер менен аудиториялык жана андан сырткаркы иштер жүргүзүлдү; 3) туденттердин “Манас” таануу боюнча компетенттүүлүктөрү калыптандырылды; 4) Сыноо иштери жыйынтыкталып, сандык жана сапаттык анализ жүргүзүлдү; 5) Диссертациянын жалпы мазмуну жыйынтыкталып бүткөрүлдү; 6) «Манас» таануу предметин мындан ары заманбап ыкмада окутууга карата дидактикалык сунуштар берилди.

Изилдөөдөн келип чыккан натыйжаларды салыштырсак, алар төмөнкүдөй көрсөткүчтөрдү берди. Көрсөткүчтөрдү алууда атайын критерийлер иштелип чыкты. Алар төмөндөгүлөр (эскертүү: бул критерийлерди аныктоодо

студенттердин аталган курс боюнча ээ болуучу компетенцияларына таянганыбызды белгилей кетели):

- «Манас» эпосунун жалпы адамзаттык жана улуттук философиялык маанисин, уникалдуулугун, ички маңызын түшүнө билүү, тексттен үзүндү келтирип, маанисин чечмелеп бере алуу, эпостун сөз берметтерин өз сөздөрүндө колдонуу;
- даяр илимий пикирлерди гана окуп үйрөнбөстөн, эпоско сынчыл ой жүгүртүү, өз пикирин билдирүү, жыйынтык чыгара алуу, аргументтерди келтирип, талкуулай алуу, эки тарапты тең канааттандырган чечим кабыл алуу;
- текст менен өз алдынча иштей билүү, андан жетектөөчү мааниге ээ болгон маалыматты аныктай алуу, долбоорлорду иштеп чыгуу, чыгармачылык менен замапбап идеяларды сунуштаган креативдүүлүк;
- манасчылардын чыгармачылыгын жакшы билүү же эпостон үзүндүнү кырааты менен көркөм айта алуу;
- курсту заманбап окутуу технологияларын колдоно алуу компетенттүүлүктөрүнө жетишүү.

Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктоочу этабында - 2016-2018-жылдар тажрыйбалар аягына чыгарылып, корутундулары талкууга алынды. Бул жылдарда «Манас» таануу курсун өздөштүрүү боюнча студенттердин компонеттүүлүктөрүнүн деңгээли тажрыйба жана байкоочу топтору өз-өзүнчө аныкталды.

Аларга өзгөчө методикалык сунуштар, тереңдетилген тапшырмалар берилди, ар түрдүү библиографиялык маалыматтар жана окуу китептери пайдаланылды, өз ойлорун «Манас» таануучулардын пикирлери менен салыштырышты, илимий булактарды конспектилешти, реферат, эссе, дил баян жазышты, көркөм, документалдык кинолорду көрүп, аларды талдашты, «Манас» эпосунан үзүндү окушту, «Манас» эпосу боюнча телекөрсөтүүлөрдү көрүп талкуулап турушту, эпостун негизинде тартылган сүрөттөр менен таанышышты ж.б.

Жогорудагыдай илимий-методикалык ишмердүүлүктөрдөн соң тажрыйбанын жыйынтыгын чыгардык.

**Таблица 2.2. - «Манас» таануу курсун өздөштүрүү боюнча (тажрыйбадан кийинки этап, 2016-2018-жылдар.)**

| № | Окуу жай | Студ. саны | Жогорку | | Орто | | Төмөн | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | т.т | б.т. | т.т | б.т. | т.т | б.т. |
| 1. | ОшМУ | 49 | 15<br>30,6% | 10<br>20,4% | 7<br>14,4% | 8<br>16.3% | 4<br>8,1% | 5<br>10,2% |
| 2. | ОшТУ | 48 | 13<br>27,2% | 8<br>16,6% | 7<br>14,5% | 10<br>20,9% | 4<br>8,3% | 6<br>12,5% |
| 3. | ЖАМУ | 51 | 14<br>27,5% | 10<br>19,6% | 9<br>17,7% | 10<br>19,6% | 3<br>5,8% | 5<br>9,8% |
| 4. | ОшКӨУ | 52 | 12<br>23,1% | 8<br>15,4% | 8<br>15,4% | 10<br>19,3% | 6<br>11,5% | 8<br>15,3% |
| 5. | ОГПУ | 51 | 13<br>25,6% | 9<br>17,6% | 9<br>17,6% | 9<br>17,6% | 5<br>9,8% | 6<br>11,8% |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баары:** | 251<br>100% | 67<br>26,8 % | 45<br>17,9% | 40<br>15,9% | 47<br>18,8% | 22<br>8,7% | 30<br>11,9 % |

Таблицада көрүнүп тургандай жогорку окуу жайларда жалпы 251 студенттердин ичинен Ош мамлекеттик университетинде жогорку деңгээлде жетишкендер байкоо тобунда 10(20,4%), тажрыйба тобунда 15(30,6%) болуп, айырма 10,2% түздү. Ошол эле учурда төмөнкү деңгээл байкоо тобунда 5(10,2%)болсо, тажрыйба тобунда 4(8,1%) болуп айырма 2,1% түздү.

Демек, тажрыйба тобунда төмөнкү деңгээл азайып, жогорку деңгээл көбүрөөк болду. Башка окуу жайлардын көрсөткүчтөрү да жогоруда таблицада чагылдырылды. Ал эми жалпы окуу жайларынын орточо көрсөткүчүндө жогорку көрсөткүч тажрыйба тобунда 67 (26,8%)студент болсо, байкоо тобунда 45(17,9%)студент болуп, тажрыйба тобундагылар байкоо тобундагыларга караганда 8,9%га жогорку көрсөткүчкө жетишкен. Ошол эле мезгилде тажрыйба тобунда төмөнкү деңгээл байкоо тобуна караганда 3,2%га аз болгон.

Биз мунун гуманитардык жана педагогикалык билим берүүчү окуу жайдын ишмердүүлүгүнө, ошондой эле алардын билим берүүдөгү жигердүүлүгүнө жана окутуучулардын мыкты чеберчилигине байланыштуу болду деп жыйынтык чыгардык.

Натыйжада, эксперименттин толук жыйынтыгын системалаштырып келгенде студенттердин алган билимдери салттуу окутуу формаларына салыштырмалуу бир кыйла натыйжалуу экендигин көрдүк. Интерактивдүү окутуу ыкмаларында, анын ичинде көркөм окуу, үзүндүлөрдү жаттоо, монолог айтуу, өз алдынча иштөө, эл алдына чыгып сүйлөө, ролдорду тартынбай аткаруу, публиканы өзүнө тарта билүү сыяктуу иш-аракеттердин негизинде – ар бир студенттин чыгармачылык менен иштөөсү арбын болгондуктан, студенттер кандай гана тема болбосун өз алдынча даярдана турганын көрдүк.

Мындан улам, төмөндөгүдөй корутунду чыгарууга болот: ***Биринчиден,*** «Манас» таануу курсун окутуунун натыйжалуулугу–эң ириде окутуучунун мыкты чеберчилигинен көз каранды. Мыкты мугалим же окутуучу өмүр бою сабакка даярданат деп айткандай, окутуу иши окутуучудан тынымсыз ишмердүүлүктү талап кылат. Андыктан, «Манас» таануу предметин окуткан мугалим «Манас» эпосун ийне-жибине чейин мыкты өздөштүрүүсү керек. ***Экинчиден,*** «Манас» таануу курсун окутуунун натыйжалуулугу – студенттердин жигердүү (активдүү) иш-аракетинен, өз алдынча иштөөсүнөн көз каранды. Бул учурда окутуучу жөн гана «фасилитатор» – багыт берүүчү катары көзөмөл кылып, студенттердин тапшырма аткаруусуна эркиндик берүүлөрү керек. Студент эркин ой жүгүртүп, тапшырманы чектөөнүн негизинде эмес, ээн-эркин аткарышы шарт. ***Үчүнчүдөн,*** «Манас» таануу курсун окутууда – окутуунун түрдүү каражаттардын (технологиялык каражаттар: интерактивдүү доска, мультимедиялык техникалар, проектрлер, документалдуу жана илимий даректүү фильмдердин дисктери, микрофон, үн-аудио тасмалар, көрсөтмө куралдар, иллюстрациялуу сүрөттөр, интернет сайттар, таркатылып берүүчү материалдар ж.б.) болушунан көз каранды.

Эксперименттин жалпы жыйынтыгы биз тараптан коюлган интерактивдүү окутуунун теориялык негиздерин практикада текшерүүгө мүмкүнчүлүк ачып берүү

менен илимий ишибиздин максаты жана милдеттери натыйжалуу ишке ашкандыгын, илимий божомолубуздун туура чыккандыгын көрсөттү.

**«Манас» таануу курсун окутууну заманбап технологиялар менен өркүндөтүүнүн методикасы» аттуу үчүнчү бапта** «Манас» таануу курсун окутуунун заманбап технологиялары, ага коюлган талаптар, ага ылайык окутууну мындан ары өркүндөтүү, натыйжада студенттер ээ болуучу компетенциялар жана аталган курсту жүзөгө ашырууда мугалимдерге коюлуучу талаптар, студенттерге Манастын осуяттарын үйрөтүүнүн заманбап технологиялары, «Манас» таануудагы гуманисттик идеялар, студенттерди мекенчилдикке тарбиялоодогу орду, милдети ж.б. маселелер каралган.

Курсту окуп-үйрөнүүдөгү негизги талаптардын бири-эпостун мотивинде көркөм айтуу жана окуу студенттерден гана көп нерсени талап кылбастан, окутуучудан да бир топ багыттар боюнча айрым нерселерди талап кылат. Тактап айтканда, студенттерден көркөм окуунун эрежелерин талап кылуудан мурда окутуучу өзү да көркөм окууну өздөштүрүүсү зарыл. Эгерде окутуучунун көркөм окуусу талап кылынган деңгээлде болсо, студентке түздөн-түз таасир этип, алардагы эмоция менен ышкысын ойготуп, көркөм-эстетикалык сезиминин калыптанышына жардамга келет. Албетте, окутуу иши максаттуу болууга тийиш.

Андыктан, **көркөм айтуу жана окуу** үчүн окутуучу тарабынан бир нече максаттар коюлуп, ал максаттардын ишке ашырылышы бир нече аракеттер менен коштолушу керек. Маселен, окутуучу «Манас» үчилтигинин өзөгүнөн студенттердин жан-дүйнөсүнө жете турган, алардын ички дүйнөсүнө таасир берип жакшы менен жаманды, ак менен караны ажырата ала тургандай, алардын ар бирине өз мамилесин билдире алгандай абалга алып келип, чыгарманы ***деталдаштыруу*** менен бирге талдоого алып, анализ жүргүзүүгө ыңгайлуу үзүндүлөрдү, окуяларды, эпизоддорду тандап алып, манасчылардын ошол окуяларды айтып жаткан жерлеринен атайын үн тасмаларды угузуу сыяктуу иштерди жүргүзүү керек.

Демек, окуучуну болобу, студентти болобу, угарманды болобу процесске аралаштырганда гана жөн эле окуп же угуп коюунун аракети эмес, ойлонуу аркылуу түшүнүүнүн аракети менен кабыл алышында мыкты өздөштүрүүгө жете алабыз. Мындай иш аракеттер таанып-билүү теориясынын негизинде ***конструктивдүү изилдеп үйрөнүүгө (конструкциялоо ыкмасы)*** таянып аткарылышы зарыл.

Чынында эле, ыр же кара сөз түрүндөгү чыгарманы үн кубултуп көркөм окуу жана аны ички туюм менен угармандарга жеткирүү чоң чеберчиликти талап кылат. Андыктан, биз «Манас» эпосун окутууда андагы ар бир окуяларды жана эпизоддорду, эпостун мазмунун көркөм айтуу жана окуу менен коштосок жакшы натыйжаларды күтүүгө болот.

Негизинен, «Манас» таануу предметин үйрөтүүдө блок-блокко бөлүнгөн төмөндөгүдөй ***беш багытты*** кармансак болот:

1. жалпы «Манас» таануу дисциплинанын түзүлүшү жана “Манас” эпопеясынын бөлүмдөрү;

2. “Манас” эпопеясынын, анын ичинде, ар бир бөлүмдөрүнүн өзөк окуялары;

3. эпопеянын идеялык мазмуну жана образдары;

4. эпопеянын педагогикалык маани-маңызы, андагы образдар системасы;

5. эпопеянын башка тармактар менен байланышы, анын энциклопедиялуулугу.

Бул беш багыт беш түрдүү жол менен, беш түрдүү технологиялар менен окуп-үйрөнүлөт десек болот же, т.а. ошондой беш түрдүү технологиялар аркылуу натыйжалуу окуп, үйрөнүлөт-деген ойду айткыбыз келет. Алар: конструкциялап окутуу, деталдаштырып үйрөтүү, дебат ыкмасы, долбоорлоо жана интеграциялап окутуу жолу.

Бул ыкмаларга кыскача түшүндүрмө берели:

**Конструкциялоо ыкмасы** (конструкция-түзүлүш, латын сөзү)- мында, ***биринчиден***: «Манас» таануу предметинин обьектин, предметин, анын түзүлүшүн, жалпы мазмунун, багыттарын, «Манас» айтуу өнөрүн, манасчылар, эпосту жыйноо, изилдөө, жарыялоо, эпостогу историзм, географиялык аталыштар, этнографиялык, этнопедагогикалык материалдар, улуттук салт-санаалар, улуттук спорт оюндары, аскердик өнөр ж.б. да жалпы «Манас» таануу предметинин түзүлүшү катары бөлүп-бөлүп жана жалпылап үйрөнүү кирет; ***экинчиден,*** «Манас» эпопеясынын жалпы түзүлүшүн, бөлүмдөрүн үйрөтүү - мында чыгарманын жалпы, т.а. сырткы түзүлүшүн үйрөнүү, көркөм чыгарма катары курулушун анализдөө, өз ара ички бөлүктөрүн бөлүп-бөлүп, кайра жалпы бүтүн катары толуктап үйрөнүү, алынган бөлүктү бүтүндүн бир бөлүгү катары бириктирип пландап үйрөнүү.

**Дебат ыкмасы** (француз сөзү- жарыш сөз, чогулушта бир маселе боюнча чыгып сүйлөө) - эпостун образдарын, мазмунун үйрөтүүдө колдонууга абдан ыңгайлуулугун көрсөттү, анткени: ***биринчиден,*** ушул ыкма аркылуу гана ар бир студент эпостогу элдик идеялар,оң-терс образдар, каармандардын мүнөзү, кылык-жоруктары, бири-бири менен мамилелери; ***экинчиден,*** эпостун варианттары, бири-биринен болгон айырмачылыктары, манасчылык өнөрдүн табияты, анын сырлары; ***үчүнчүдөн,*** эпостун бүгүнкү күндөгү таалим-тарбиялык ролу, андагы патриотизм, эл-жерди коргоо, элдик философия, улуттук салт-санаа, ж.б. идеялар боюнча талашып-тартышуу, өз көз карашын билдирүү, сынчыл пикирин айтуу, ж.б.

**Долбоор ыкмасы** - менен идеялык мазмунун, көйгөйлөрүн үйрөтүү. Мындагы иштин максаты - кеңири, анда студенттердин изилдөө жана чыгармачылык ишин өнүктүрүү болуп саналат. Мында студенттерге адегенде долбоор менен иштөөнүн максатын, анын жол-жоболору үйрөтүлдү. Болжолдуу темалар берилди. Долбоор менен иштөөнүн үлгүсү берилди жана ал боюнча иштөөнүн жолдору көрсөтүлдү. Андан соң, бир катары студенттер өздөрү андан ары ишти улантып кетишти.

Долбоор менен иштөө мындайча уюштурулду.

**Долбоордун аты**: «Манасчы сабак өтөт».

**Долбоордун максаты**: студенттерге «Манас» таануу предметинин натыйжалуулугун арттыруу, студенттердин таанып-билүүсүн активдештирүү,

эпостун адабий-эстетикалык таасирдүүлүгүн өркүндөтүү, манасчылык өнөр жана манасчы менен тааныштыруу.

**Милдеттери: «**Манас» таануу дисциплинасынын окуу программасынын талаптарын натыйжалуу ишке ашыруу, студенттердин дисциплина боюнча теориялык-практикалык билим алуусунун натыйжалуулугун арттырууга жетишүү, манасчы менен түздөн-түз баарлашуу аркылуу, окуучулардын эпостун мазмунун, анын тарыхый, материалдар менен байланышын, географиясын, кыргыздын турмуш чындыгы менен байланышы, анын идеялык-тематикалык маани-маңызы менен тереңирээк таанышуусу, манасчы менен түздөн-түз баарлашуу аркылуу адабий жолугушууну ишке ашыруу ж.б.

**Долбоорду ишке ашыруу орду**: Аудитория.

**Долбоорду ишке ашыруу убактысы**: Окуу жылынын ичинде, семестрлерге ылайык, «Манас» таануу окуу программасынын календардык мөөнөтүнө жараша.

**Долбоорду аткарууга катышуучулар:** «Манас» таануу мугалими, манасчы жана студенттер.

**Долбоорду ишке ашыруу шарттары:** «Манас» таануу дисциплинасынын окуу программасынын календардык планына жараша чыгарманын өтүлөөр күнүнүн туура келиши, манасчынын окуу жайга келиши жана сабакка катышуусу, студенттерге жолугушуу сабагынын максатын түшүндүрүүсү, жолугушууга студенттерди алдыртадан даярдоо.

**Иштин формасы:** кадимки практикалык багыттагы жолугушуу сабагы, жаңы билим берүүчү сабак формасы.

**Иштин жүрүшү:** Сабак белгиленген күнү өз жолу менен, максаттуу түрдө өтөт, манасчы сабакты эпостон үзүндү айтуу менен баштайт, эпостун маани-маңызы тууралуу аңгемелешүү жүрөт, интерактивдүү суроо-жооптор болот, манасчылык өнөр тууралуу аңгемелешишет, студенттер тема боюнча манасчы менен кенен баарлашышат, студенттер манасчыдан кол тамга алышат; сабактын жыйынтыгында студенттердин адабий-эстетикалык, маданий-рухий компетенттүүлүгү артат, соңунда мугалим сабактын натыйжалуулугун белгилеп, студенттердин билим жетишкендитерин баалайт.

**Долбоордун натыйжалуулугу:** Студенттер манасчы менен таанышып, түздөн-түз баарлашат, манасчы эпос тууралуу кенен маек куруп берет, студенттер эпостун турмуштук жана адабий-эстетикалык баалуулугун тереңирээк өздөштүрөт, студенттердин эпоско болгон кызыгуусу тереңдейт, студенттердин ичинен да манасчылардын чыгышына негиз болот жана ага стимул түзүлөөрү шексиз, эпос боюнча сахналаштырып иштөөгө план түзүлөт, ж.б.

**Бул долбоор методу менен иштөөнүн жүрүшүндө** проблемалык окутуу менен изилдөө методдору синтезделип колдонулду. Себеби, анда көйгөйлүү суроолор коюлуп, ал изилдөө менен ишке ашырылды.

Булардын ар биринде мындай технологиялар өзөк болду, мисалы: көйгөйгө көңүл бурууга чакыруу, көйгөйдү үйрөнүүгө киришүү, көйгөйдү түшүнүү, материал топтоо, материалдарды жалпылоо, көйгөйдү мисал менен далилдөө, үйрөнгөндү практикада колдонуу, көйгөйдү изилдеп үйрөнүү, үйрөнгөндөрдүн

маңызын түшүнүү, көйгөйдү андан ары тереңдеп деталдаштырып үйрөнүү, чыгармачылык менен изилдөө, жаңы билимдин конструкциясын түзүү, башка далилдер менен байланыштыруу, жаңы алган билимди жалпылоо, жаңы жыйынтыкка келүү, келечектүү иштин багытын аныктоо.

**Долбоорлоонун болжолдуу планы:** долбоордун темасы, максат-милдеттери, керектелүүчү каражаттар, өтө турган орду, катышуучулар, долбоордун мазмуну, иштин жүрүшү, күтүлүүчү натыйжалар. Мисалы, долбоорго теманы тандоо жана атоо: «Манастын балалык чагы», «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат» ж.б.

**Деталдаштыруу ыкмасы**-эпостун сюжети менен композициясын үйрөттү. Мындагы деталдаштырып үйрөнүүнүн мааниси (деталь-француз сөзү, майда бөлүк, ырааттуу бөлүү, бүтүндүн бөлүгү) эпостун сюжетин, т.а ички түзүлүшүн майда бөлүктөргө бөлүп-бөлүп конкреттүү түрдө үйрөнүүдө колдонулат.

**Ал эми, деталдаштыруунун болжолдуу планы:** Өтүлө турган теманы тандоо жана атоо, маселен, «Манастын балалык чагы», «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат» ж.б., конкреттүү деталдарды (ысымдар, (оң жана терс) каармандар, окуялар ж.б.) белгилөө, үзүндүдөн анын маани-маңызын кыйла толук берүүчү ой-туюнтмаларды тандап алуу, үзүндүдөгү негизги ойду бекемдөөчү фактыларды санап берүү, үзүндүдөгү башкы ойду бөлүп көрсөтүү, негизги ойду билдирген сүйлөмдү белгилөө, үзүндүгө аталыш тандоо, үзүндүдөгү камтылган ойду жыйынтыктоо, үзүндүнү конспект түрүндө баяндап жазуу, үзүндүнүн мазмунунан үлгү болоорлук, же көңүлдү иренжите турган пикирлерди табуу, үзүндүдө аталбаган, бирок анын мазмуну боюнча ойдо, көңүлдө кармалган иш-аракеттерди, ойлорду, маселелерди атоо.

Жогорудагыдай пландын негизинде иш алып баруунун өзү окутуучу үчүн да, студент үчүн да абдан натыйжалуу болуп, өздөштүрүүгө багытталган иш-аракеттер «эксперттик» мүнөзгө өтөт. Мындай учурлар ким гана болбосун чыгармачылык жөндөмдүүлүктүн аракетке келиши менен мүнөздөлөт.

Ал эми **интеграциялоо** жолу- (интеграция- калыбына келтирүү, толуктоо-латын сөзү) кандайдыр бир бөлүктөрдү бириктирүү менен толуктоо, калыбына келтирүү:

***Биринчиден,*** «Манас» таануу дисциплинасы аркылуу кыргыз турмушунун энциклопедиялуу турмушун ар тарабынан үйрөтүү, аларды бириктирип, бир бүтүн катары үйрөнүү, т.а. эпостогу кыргыздын өткөн турмушунан маалымат алуу, анын тарыхый түбү, географиялык кулачы, элдин философиялык көз карашы, этнопедагогикасы, этнопсихологиясы, элдик аскердик өнөрү, элдик медицина, ж.б.

***Экинчиден***, эпостун экинчи өмүрү болгон анын кинодогу, театрдагы, сүрөт өнөрүндөгү ж.б. чагылдырылышы тууралуу да сөз кылуу, аларды үйрөнүү, ж.б. камтылат. Биз мындай интеграциялоо жолу менен эпосту үйрөнүүдө анын төрт тибин пайдаландык. Алар: удаалаш тиби, жарыш тиби, курчама тиби жана тутумдаш тиби. Булардын ар бири өз функциясына жараша туура колдонулса, эң сонун натыйжа берерин сыноо көрсөттү. Мында бир кыйналыш болоору байкалды, ал-материал топтоодо жана ал материалдарды

интеграциялоо сабактарында студенттерге талаптагыдай жеткирүүчү мугалимдердин болушу.

**Интеграциялап окутууда** «Манас» таануу илиминин башка илимдер менен байланышы да эске сөзсүз алынды, т.а. этнография, этнопедагогика, этнопсихология жана этномедицина, ж.б.

***Этнография:*** Мында студенттер эпосту элдик салт, география жана улуттук спорт өнөрү менен байланыштырып үйрөнөт. Тактап айтканда, биринчи иретте, мисалы: буга эпостогу Көкөтөйдүн ашын алалы. Кыргыздын белгилүү ханы Көкөтөй көзү өткөн соң, ага чоң аш берилет. Ашка 70 өлкөдөн 110 миң конок чакырылат. Ашта түрдүү элдик салттар өткөрүлгөн.

***География:*** Эпосто ашты каерде өткөрүү керектиги көп талкууланат жана жер тандалат. Көп ирет талкуудан соң, Кошойдун сунушу боюнча кыргыз жеринин чегинде Каркыра жайлоосунда өтөт.

Мугалим Кыргызстандын картасынан Каркыра жайлоосун көрсөтөт.

***Улуттук спорт*:** ашта улуттук спорттун көп түрлөрү өткөрүлөт, т.а.: ат чабыш, эр сайыш, балбан күрөш, жамбы атыш ж.б. Мында, чиймеден көрүнүп тургандай, этнографиялык, тарыхый жана спорттук өнөр боюнча материалдар биринин артынан экинчиси үйрөнүлүү менен, бирин-бири толуктап, мазмунун байытып, ***жарыш тибинде*** биринин артынан экинчи материал удаалаш үйрөнүлөт. Ошондуктан, бул **удаалаш ыкмасы** деп да аталат. Бул ыкмада: окуу материалдарын жарыш үйрөнүү менен жүзөгө ашат, анда адабий текст, манасчылык өнөр жана искусствонун бир түрүнөн-сүрөт өнөрү катышат.

***Биринчиден,*** мында адабий текст, эпостон үзүндү алынган. Мисалы, Семетейдин Таласка келиши. Эпостун үзүндүсү окулат, үзүндүнү жаттап айткандар эпостун мотиви менен айтышат. ***Экинчиден,*** Семетейчи Сейдананын өнөрү, ал тууралуу маалымат айтылат. Ошону менен бирге, улуу манасчы Сагымбайдын Семетей эпосу тууралуу сөз болот. ***Үчүнчүдөн,*** искусствонун бир түрү болгон театр өнөрүнөн жардамга келет. Мында КРнын Эл артисти Алиман Жангорозованын көркөм айтуусундагы Семетейдин Таласка келген кези уктурулат. Андан соң, студенттердин көркөм окуусунда эпостон Таластын көрүнүшү көркөм окулат.

**Интеграциялоонун үчүнчү ыкмасы-** ***курчама ыкма*** деп аталат. Бул курчама тип төмөндөгүдөй жол менен жүзөгө ашат: адегенде, биздин көңүлүбүздө, сөздүн нугунда «Манас» таануу, анын материалы болот. Ал материал ар тарабынан: т.а. адабий тексттер, тарыхый материалдар, географиялык маалыматтар, искусстводон жана этнопедагогикалык таалим-тарбия идеяларынан турат. Алардын ортосунда, демек, «Манас» таануу турат. Ал жогоркудай мазмундагы ар тараптуу маалыматтарды камтыган окуу материалдар менен байытылат.

Кыргыздардын тарыхында мындай улуу жортуулдар көп болгон. Манас сындуу улуу баатырлар болгон. Мисалы, Моде хан жана улуу баатыр, анын жортуулдары тууралуу кыргыз тарыхында айтылат, же болбосо, кыргыздардын уйгурлар менен онунчу кылымдагы айыгышкан согуштары, ж.б. Булар эпостогу Чоң казат сыяктуу жортуулдарды эске салаарын тарыхчылар жазып келишет. Бул окуялар эпостогу ушул эпизод менен байланыштырылат. Ал жортуулдар

болуп өткөн жерлер картадан көрсөтүлөт жана алар эпосто кантип баяндалганы айтылат.

Эпостун бул темасы Ж.Садыковдун «Айкөл Манас» аттуу драмасынан үзүндү көрүү менен улантылат. Драмада Манас баатырдын жер жайнаган аскери менен казатка аттанышы, казаттагы каттуу уруш жана баатырлардан айрылуу, акырында Манас баатырдын каза болушу тууралуу эпизод көрсөтүлөт. Манас баатырдын монологун студенттер көркөм айтышат. Ушулардын жыйынтыгында эл-жерди коргоо, эл-жер үчүн кашык каны калганча коргоо, патриоттук идеялар ж.б.тууралуу кеңири сөз болот жана сабак жыйынтыкталат.

***Тутумдаш тиби*** да натыйжалуу ыкма экендигин тажрыйба ырастады. Чиймеде көрүнүп тургандай, мында адегенде, «Манас» таануунун проблемалары козголот да, андан соң эпостон алынган үзүндү, аны окуу, талдоо, андан соң, анын тарыхый материалдар менен байланышы, географиялык маалыматтар, ошону менен элдик педагогикалык идеялар ачылып берилет. Аягында ушулардын натыйжасы корутундулануу менен баары системалуу жыйынтыкка келет.

Мына ушундай технологиялар менен студент жаштарды «Манас» таануу курсунун алгылыктуу жолдорун пайдаланып, билим берип да, талаптагыдай тарбиялоого мүмкүн. Деги эле, коомдун мүчөлөрү, республиканын толук кандуу жарандары катары студенттерди тарбиялоодо Манасты окутуунун мааниси өзгөчө орунда турат. Бул тууралуу белгилүү «Манас» таануучу, профессор С.Байгазиев: «…биз, билим берүүдө Манасты жомок катары карап эмес, калайык-калкыбыздын реалдуу тарыхын көркөм образдар аркылуу өздөштүргөн, түпкүлүгүндө өзүнүн социологиялык-маданий тамыры бар улуу дастан катары, кыргыз турмушунун энциклопедиясы катары эсептеп, ага тарыхый методологиянын өңүтүнөн жана адабий-эстетикалык категориялардын ыңгайынан мамиле жасап, окутууга тийишпиз», – деп белгилейт.

Демек, окутуунун эффективдүү, ыңгайлуу жана жөнөкөй ыкмаларын колдонуу менен жаш муундарды турмуш чындыгына жуурулушуп жашоого үйрөтүү дайыма актуалдуу маселелерден болууга тийиш. Дайыма дегенибиз, өспүрүмдөр жетилип, алардын ордун улам кийинкилери басып жүрүп отурат.

Лекциялык сабактан айырмаланып, практикалык сабакта студенттер лектордун гана маалыматын укпастан, буга чейинки лекцияга таянып, башка маалымат булактар менен өз алдынча иштешип, аткарыла турган тапшырманын майда-чүйдө деталдарынын бардыгын өздөрүнүн ой-жүгүртүүлөрүнөн өткөрүшүп (орусча айтканда «через себя»), ар бир окуяны иликтеп, талдап, ал эми образдар (оң жана терс образдар) системасын терең өздөштүрө алышат. Андыктан практикалык сабак – бул студенттин жөндөмүн ача ала турган, студенттер өздөрүнүн чыгармачылыгын, катылып жаткан шыгын, дараметин көрсөтө ала турган эң негизги сабак болуп эсептелет. Мына ушуга байланыштуу, төмөндө биздин изилдөөбүздөн байкай алган, биздин жетекчилик менен өткөрүлгөн практикалык сабактын толук үлгүсүн берүүнү ылайык көрүп отурабыз. «Манас» таануу сабагын өтүүдө дебат сабагы да өзүнүн натыйжалуу ыкмалардын бири экендиги абдан байкалды.

Дебат сабагы тууралуу сөз кылуунун алдында эскерте кетүү керек: өткөрүлгөн практикалык сабактын жыйынтыгы менен семестр жыйынтыкталат. Ошондуктан бул сабакка окутуучу да, студенттер да жигердүү катышты. Сабакты өткөргөн ассистент ага окутуучу Н.Турганбаева болду.

Предметтин аталышы: «Манас» таануу.

Сабактын темасы: «Манас» эпосундагы окуялар, аны тарыхый окуялар менен байланыштыруу жана образдар системасы.

**Сабактын максаты:**

- «Манас» эпосундагы образдар жана алардын иш-аракеттери аркылуу студенттердин инсандыгын калыптандыруу;
- лекциялык сабакта өтүлгөн темалар боюнча алган билимдерин тереңдетүү;
- эпостогу образдардын жамалын ачуу менен, алардагы оң сапаттарды үйрөнүп, өздөштүрүү;
- образдардын аракетиндеги Мекенди, эл-жерди сүйүүгө жана коргоого, жаратылыш менен табиятка аяр мамиле кылууга тарбиялоо;
- «Манас» эпосунун сюжетин, идеясын жана тарыхтан жана эл арасынан алган ордун чече билүү;
- эпостогу негизги өзөктү, идеяны таба билүүгө аракет кылуу.

Ушул эле иштерге улай, студенттер өз алдынча изилдөө, проблемалуу тапшырмаларды аткаруу учурларында Манастын жети осуятын да изилдеп үйрөнүштү.

Төмөндө анын негизги багыттары тууралуу гана сөз болот, т.а. өткөн кылымдын токсонунчу жылдары эле ата-бабаларыбыздын урпактарга берген табериги, кыргыз элинин улуттук сыймыгы аталган «Манас» эпосун даңктоо менен элибиздин бүгүнкү ааламдашуу (глобализация) мезгилинде ар кандай курактагы адамдарды коомдун учурдагы абалына карата болгон мамилесин эске алып, өздөрүн маданияттуу алып жүрүүгө, жараткандын берген кооз жаратылышы менен кен байлыктарына аяр мамиле кылууга жана келечек муунга татыктуу тарбия берүүгө жардамга келе турган «улуттук этиканын» өзөгүн «Манас» эпосунан алып жети осуятты негиздеген. *Биринчи осуят*: Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги. *Экинчи осуят*: Улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык. *Үчүнчү осуят*: Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет. *Төртүнчү осуят*: Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу. *Бешинчи осуят*: Гумандуулук, кечиримдүүлүк жана айкөлдүк. *Алтынчы осуят*: Табият менен таттуу мамиледе болуу. *Жетинчи осуят*: Кыргыз мамлекетин чыңдоо жана көздүн карегиндей сактоо.

Жети осуяттагы камтылган ой-түшүнүктөрдү мурдатан эле элибиз жогору баалап, ата-бабанын осуяты, калтырган ыйык, кымбат мурасы катары эсептеп, өз турмушунда дайым кеңири пайдаланып келген. Албетте, жогорудагы аталган осуяттар улуттук идеологиянын негизгилеринин бири. (Ал тууралуу диссертацияда кере берилгенин эске алалы.)

**«Манас» таануу курсун окутууда ээ болуучу компетенциялар жана курстун тарбиялык маани-маңызы» аттуу төртүнчү бапта** «Манас» таануу

курсун окутуп жаткан окутуучу жана студенттер ээ болуучу компетенциялар, ошондой эле айтылган компетенцияларга жетүү үчүн билим-билгичтиктерге коюлуучу талаптар, «Манас» таануудагы гуманисттик идеялар, студенттерди мекенчилдикке тарбиялоодогу орду, милдети тууралуу жазылган.

«Манас» таануу курсун уюштуруудагы педагогикалык шарттарды эске алып биз **окутуучунун алдына коюлуучу талаптарды, милдеттерди жана студенттин компетенцияларын аныктоо аракетин** көрдүк.

Албетте, студент жаштар – бул коомду өнүктүрүүнүн чоң кыймылдаткыч күчү. Алар биринчилерден болуп, кандайдыр бир өзгөрүүлөргө, жаңылыктарга бат көңүл буraары белгилүү. Демек, азыркы ачык, демократиялык коом үчүн лидерликке умтулган, жеке өзүнүн туруктуу позициясы бар, ошол эле учурда башка бирөөлөрдүн да позициясы бар экенин билип, өз учурунда аларды кабыл алууга, сыйлоого, баалоого даяр болгон жана топ менен, эл менен бирдикте биргелешип иштей ала турган инсанды тарбиялоого тийишпиз. Ошону менен катар, студенттердеги кандайдыр бир социалдык жөндөмдөрдү өстүрүүбүз керек. Рим философу Л.А.Сенеканын «Башкаларды окутуп жатып, өзүбүз да окуйбуз» («Уча других, мы учимся сами»), дегенин эстеп көрөлү. Демек, мыкты педагог же мугалим өмүр бою сабакка даярданыш керек, бул жерде окутуучулардын ролу өзгөчө, анткени окутуучулар сабакты пландаштырууда өздөрүнүн алдына өз ишмердүүлүгүнө байланыштуу бир канча суроолорду жана талаптарды коюшу абзел.

Ал кандай шарттар? Ал окутуучу азыркы коомдук билим берүү механизминин кыймылдаткыч күчүнүн бир бөлүгү, демек ал ***биринчиден***, өзүн алып жүрүүнү коомго ылайыкташтырып, педагог деген бийик ысымды жогору коюшу керек деп өзүн-өзү жетектеп туруусу зарыл; ***экинчиден,*** жогорку билимдүүмүн деп эле окууну, изденүүнү токтотуп койбостон, билимин такай тереңдетип туруусу керек, ал үчүн «билимди жогорулатуучу курстарга», түрдүү семинар-тренингдерге катышып турушу зарыл; ***үчүнчүдөн,*** окутуучу үчүн ар бир студент баалуу болушу шарт, себеби студенттер коомдун толук кандуу жараны жана алардын өздөрүнүн ой-тилектери, мүдөөлөрү бар. Алар тартынбастан ой-пикирлерин ачык-айкын билдирүүгө, айтууга укуктуу, ***төртүнчүдөн***, "студент үчүн менин сабагымдын пайдасы эмнеде?", "мен берген билимди ал турмушунда пайдалана алабы?" деген негизги эки чоң суроонун үстүндө иштеши зарыл; ***бешинчиден,*** билим берүүдөгү заманбап стандарттар менен таанышып, алардын негизинде өзүнүн ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө милдеттүү, бул үчүн чыгармачылык талап кылынат. Мына ушул жерден окутуучунун ээ болуучу компетенттүүлүктөрү деген маселе эске түшөт.

Ал маселени чечүү үчүн «Манас» үчилтиги, «Манас» таануу илими, «Манас» таануу курсу жана аны окуткан мугалими (окутуучусу) кандай болот, алардын байланышы кандай деген маселени тактап алсак болот.

Учурдун талабы–окутуучудан жөнөкөй гана чыныгы инсандык дараметти, студенттер менен аяр жана чыгармачыл мамилени, өз элинин эртеңки келечеги үчүн зор жоопкерчилигин сезе билген тазалыкты, улуттун көрөңгөсүн өз мээнети жана ак ниет эмгеги менен сугарган мекенчилдикти талап кылат. Биздин изилдөөбүздө «Манас» таануу дисциплинасы же предметин окута

турган педагог, окутуучу кандай талаптарга ээ болуусу керек деген суроонун айланасында ой жүгүртүп көрдүк. Албетте, «Манас»таануу предметинен сабак берген окутуучу бардык тараптан маалыматка ээ болуусу шарт. Окутуучу өзүнүн интеллекти менен кошо, студенттеринин жаш курагына жараша мамиле кылуусу зарыл.

Окутуучу эмне деген билимдерге ээ болуусу керек:

- «Манас» эпосунун негизги идеясын, темасын жана проблематикасын;
- «Манас» эпосун изилдеген окумуштууларды, алардын негизги эмгектерин;
- эпостун изилдениш тарыхын, манасчылар (айтуучулар) жана алардын өмүрү, чыгармачылыгындагы урунттуу учурларды;
- эпостун варианттарын, алардагы өзөк окуяларды;
- эпостогу каармандардын көркөм сүрөттөлүшүн, эпостун тарых, география, санжыра, биология, табият таануу, медицина, политология, социология, тил илими, искусство тармактары ж.б. илимдер менен байланышын;
- эпостун өзөгүнөн алынган жети осуятты;
- кыргыз элинине эң керектүү болгон турак жайы болгон боз үй, анын жабдуулары, жип-шурулары тууралуу;
- карапайым кыргыз элинин эң негизги унаасы болгон ат жана аттын жабдыктары жөнүндө, узчулук жана устачылыкка тиешелүү маалыматтарды, эпостун өзөк окуяларын.

Демек, компетенттүүлүк – мына ушундай багыттардагы күндөлүк окуу ишмердиктерин уланткан: окурмандык компетенттүүлүк, баалуулук компетенттүүлүгү, адабий чыгармачылык компетенттүүлүк, адабий-теориялык компетенттүүлүк, социо-маданий жана когнитивдик (адабият аркылуу, т.а. «Манас» эпосу аркылуу дүйнөнү таануу) компетенцияларын эске салат.

«Манас» таануу дисциплинасынын программасынын баш сөзүндө мындай деп жазылган: «Манас» таануунун мазмунун жана түзүлүшүн эпостун кыргыз элинин турмушунда алган жана ойноgон тарыхый ролу, бүгүнкү күн үчүн маанисин, анын эл оозунан жазылып алыныш, жарыяланыш, илимий изилдөөгө алыныш, чечмелениш таржымалы, манасчылар, Манастын театрда, кинодо, сүрөттө, музыкада, адабиятта көркөм өздөштүрүлүш тарыхы, рух дөөлөттөрү, тил байлыгы жөнүндөгү темалар кирет.

Ошол эле жерде курстун максаты мындайча берилет: «Манас» таануу курсунун негизги максаты –студенттерди кыргыз көчмөн цивилизациясынын керемет кенчи, «Кыргыз рухунун туу чокусу» (Ч.Айтматов), элдик оозеки көркөм сөз өнөрүнүн эң бийик үлгүсү, дүйнөлүк адабияттын улуу классикасы, жер жүзүнүн элдеринин эпосторуна салыштырмалуу теңдешсиз монументалдуу океандай «Манас» эпосунун негизги сюжети менен, анын эл оозунан жыйналуу, китеп болуп басылуу тарыхы, кыргызстандык жана дүйнөлүк окумуштуулары тарабынан изилденүү таржымалы менен тааныштыруу, жаштарга залкар эпостун руханий–патриоттук, адептик-ыймандык мазмунун ачып берүү, эпостун тил байлыгын үйрөтүү, манасчыларды тааныштыруу, аларда тарыхый эс-тутуму, улуттун улуу маданий мурастары менен

сыймыктануу сезимин, патриотизмди ойготуу(аталган программанын баш сөзү).

Андан ары курсту окуп-үйрөнгөндөн кийин студенттер кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы жана «Манас" эпосунун орду, эпостун дүйнөлүк маданияттагы мааниси, архаикалуулугу, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхындагы эпостун маалымат берүүчүлүк мааниси, байыркы күчтүн жана отурукташкан цивилизациянын чыгармада көркөм жалпыланышы, «Манас» эпосунун этнографиялык булак катары кызматы, эпостун искусствонун башка түрлөрүнө чагылдырышы, «Манас» эпосунун фольклордук мурас катары кыргыз маданиятындагы орду тууралуу билүүгө тийиш экендиги көрсөтүлгөн.

Ошону менен бирге, курстун аягында күтүлүүчү **натыйжалар** катары төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн:

- Кыргыз рухунун туу чокусу болгон эпос менен жакындан таанышып, терең маалымат алат;
- ой-пикирин адабий тилдин нормасында жаза жана айта алат;
- кыргыз элинин элдик оозеки адабияты, маданияты, этнографиясы,каада-салты боюнча билими тереңдейт;
- мекенчилдик, Ата-Журтту коргоо сезимдери калыптанат;
- улуттук оюндар жана алардын тарбиялык мааниси жөнүндө маалымат алат;
- улуттук дөөлөттү сыйлоо сезимдери өнүгөт; улуттар аралык достукту, ынтымакты бекемдөө сезимдери калыптанат.

Ал эми диссертацияда «Манас» таануу курсунан **студенттер ээ болуучу компетенттүүлүктөр** төмөндөгүлөр болууга тийиш экендиги көрсөтүлгөн:

1. адабий-теориялык компетенттүүлүктөр;
2. илимий-изилдөөчүлүк компетенттүүлүк;
3. социалдык-личносттук компетенттүүлүк;
4. маданий-коммуникативдик компетенттүүлүктөр;
5. таанып – билүүчүлүк компетенттүүлүктөр;
6. уюштуруучулук-башкаруучулук компетенттүүлүктөр.

Бул компетенттүүлүктөр төмөндөгү билимдер менен түшүндүрүлмөкчү:

**1.Адабий- теориялык компетенттүүлүктөр:**

**-Эпос тууралуу жалпы маалыматтар:** Эпос деген эмне? Дүйнө элинин эпостору. Дүйнө эпосторунун ичиндеги «Манас» этноэпопеясынын орду. Эпосту изилдеген дүйнөлүк окумуштуулар. «Манас» эпосунун генезиси. «Манас» эпосунун изилдениши, эпосту изилдеген окумуштуулар тууралуу кенен маалыматка ээ болушу, «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтигин эл оозунан жыйноо, алардын варианттары жөнүндө билүүсү.

**2. Илимий - изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөр:**

***- Манасчылар, манасчылык өнөр ж.б. тууралуу изилдеп үйрөнүү:*** Эпосту изилдөө. Манасчылык өнөр. Манасчылар: Жайсаң Үмөт уулу, Ырамандын Ырчы уулу, Токтогул ырчы; Келдибек, Балыкооз, Музооке, Чоңду, Акылбек, Тыныбек Жапый уулу, Назар Болот уулу, Дайырбек, Жеңижок, Найманбай, Кенжекара, Дыйканбай, Багыш Сазан уулу, Чоюке, Тоголок Молдо, Кайдуу Сопу уулу, Алмабек Тойчубек уулу, Шапак Ырысменде уулу,

Сагымбай, Саякбай; Жаңыбай, Жакшылык, Молдобасан Мусулманкул уулу, Мамбет Чокмор уулу, Дуңкана Койчуке уулу, Ыбырайым Абдрахман уулу, Акмат Рысменде уулу, Жусуп Мамай, Уркаш Мамбеталиев ж.б.;

***-эпостун жыйналышы жана жарыяланышы боюнча изилдөө:*** «Манас» эпосунун изилдениши, эпосту изилдеген окумуштуулар тууралуу кенен маалыматка ээ болушу зарыл, «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтигин эл оозунан жыйноо, алардын варианттары жөнүндө билүүсү шарт;

***-эпостун өзөктүү окуялары тууралуу изилдөө*****:** «Манас» эпосунун негизги идеясына жана андагы өзөктүү окуяларды билиши керек («Манастын туулушу жана балалык чагы», «Манастын хан көтөрүлүшү», «Алтайдан кыргыз жерине келиши», «Манастын үйлөнүшү», «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат», «Алмамбеттин жомогу», «Манастын керээзи», «Баатырдын өлүмү», «Каныкейдин Тайторуну чабышы» ж.б.);

***-эпостун каармандары жана алардын образдарын изилдөө*****:** Эпостун башынан аягына чейинки катышкан баардык каармандарды, алардын аттарын жана иш аракеттерин билүүсү зарыл (Манас, Семетей, Сейтек, Бакай, Каныкей, Сыргак, Алмамбет, Сарытаз, Чубак, Жакып, Чыйырды, Темирхан, Ысмайыл, Айчүрөк, Бокмурун, Чачыкей, Арууке, Абыке, Көбөш, Күлчоро, Канчоро, Ногой, Шыгай, Бай, Эсенкан, Жолой, Шууту, Акбалта ж.б.);

***-эпосту талдай билүү:***

- Боз үй, анын жабдуулары, жип-шурулары тууралуу (уук, керege, эр жак, эпчи жак, туурдук, үзүк, түндүк, коломто, түндүк жабуу, босого таяк, чий, чыгдан, бел кырчоо, уук тизгич, саканак таңгыч ж.б.);
- ат жабдыктары: ээр, үзөңгү, канжыга, жүгөн, нокто, чылбыр, көмөлдүрүк, басмайыл, куюшкан, желдик, тердик, ичмек, көрпөчө (көпчүк), ат жабуу, үртүк, камчы, укурук, тушамыш ж.б.);
- узчулук жана устачылыкка байланыштуу (ийне, оймок, дөшү, балка, балта, көөрү, шибеге, жип, темене, булгаары, жез, коло, алтын, акак, бермет, седеп, таар, талпак, тери ж.б.).

**<u>3.Социалдык-личносттук компетенттүүлүктөр:</u>**

**- Эпостогу диний жана санжыра ж.б. материалдары:**

- Дин таанууга назар салуусу талап кылынат (эпостогу дин маселеси, байыркы кыргыздар кайсы динди тутушкан деген маселени чечмелеп берүү ж.б.);
- санжырага көңүл буруп, аны эпостун өзөгү менен салыштырып берүүнү өздөштүрүш керек (Ногой Шыгай бир туугандар, Ногойдон Жакып, Үсөн, Орозду, Шыгайдан Мендирман).

**<u>4.Маданий-коммуникативдик компетенттүүлүктөр:</u>**

**-Сөз өнөрү жана маалыматтык технологияларга ээ болуу:**

- Чечендик өнөрдү өздөштүрүүлөрү, эпостун тилин, элдик андагы афоризмдерди, сөз берметтерин, сүрөттөлөрдү, салыштырууларды, топтун түрлөрүн билүү;
- эпосту окутуу ишин уюштуруу үчүн маалымат булактарын пайдалана алуу (илимий булактар, интернет булактар, даректүү маалыматтар ж.б.);

➢ заманбап технологияларды колдонуу менен сабак өтүүсү (Мультимедиялык каражаттар менен**.** Мультимедия – (англис тилинен «multi» – көп /много; «media» – чөйрө /среда) – көрмө жана үндүү маалыматтык башкаруу менен интерактивдүү программалык камсыздандыруучу заманбап техникалык жана маалыматтык каражаттар. Мультимедия термини көп өлчөмдөгү маалыматтарды алып жүрүүчү жана аларга тез жетүүнү камсыздоочу каражат деген түшүнүктү туюнтат. Мына ушундай алгачкы маалыматты алып жүрүүчү каражат бул – CD – «compact disk» болгон. Демек, мультимедия деген термин – салттуу ыкма менен аудио, видео, аннимация (сүрөттөр), тексттер, көрүнүштөр аркылуу маалыматты жеткирүү дегенди түшүндүрөт. Аталгандардын баардыгы атайын программалар менен компьютердин жардамы аркылуу ишке ашат жана андагы эсте сактоочу дискте сакталат. Ошондуктан мультимедия түздөн-түз компьютерге көз каранды.

**<u>5.Таанып –билүүчүлүк компетенттүүлүктөр:</u>**

***-Эпос аркылуу кыргыз наркын, салт-санаасын, үрп–адаттарын, этнографиялык маалыматтарды алуу:***

➢ Кыргыз элинин ырым-жырымдары, каада-салт, үрп-адаттары тууралуу (ок аттоо, кыркын чыгаруу, кыз узатуу, бешикке салуу, ат коюу, сүннөткө отургузуу, чачыла чачуу, оозантуу, келин көрүү, чач өрүү, куда түшүү, сөйкө салуу, кошок кошуу, көрүндүк берүү, калың берүү, тушоо кесүү, мурут серпүү, карын чач алдыруу, жентек берүү ж.б.);

➢ согуштук курал-жарактардын аталыштарын (найза, калкан, айбалта, чокмор, кылыч, ак келте, сыр найза, бөрү тил, зоот, жаа, ок-найза, ак албарс, ак бараң, ак добул, акчыбык, көкчыбык, алеңгир жаа, алты курч зулпукар, ачболот, кылболот, наркескен, ачалбарс, жойкума, баңдоолу, бараң, барыскан, булдурсун, добул, добулбас, доолбас, доол, дүрбү, жазайыл мылтык, жебе, үркөрбоо, зоолу, замбирек, камчы, канжар, койчагыр, коросон, кур, керней, кисе, күбөк, күлдүр мамай, күрзү, мылтык, найза, ок, саадак, сурнай, зурна, сүңгү, сырнайза, тинте, ак тинте, тор, чогоол мылтык, чотала, чойун баш, шалдыркан кисе, ак олпок);

➢ колдонгон буюм-тайымдарын (жаргылчак, буурсун, орок, көөкөр, аяк, аяк кап, аркан, чанач, көнөчөк, сок билек, соку, туш кийиз, ала кийиз, шырдак, көшөгө, көлдөлөң, сөйкө, билерик, туткуч, түпкүч, сузгу, супура, адыргы кылыч, элек ж.б.).

***-Эпостогу элдик медициналык материалдар:***

➢ Дары чөптөрдүн аталыштарын (мээр чөп, меңдумана, ит мурун, адырашман, арча, уу коргошун, мумия, жошо, бака жалбырак, ысырык, ышкын, балдыркан, сарымсак, чычырканак, жалбыз, көбүргөн ж.б.).

***-Эпостогу онамастика:***

➢ Жердин аталыштары-Алтай (ат менен чыксаң алты айда жетесиң), Бээжин (Пекин – Кытайдын борбору) ж.б;

➢ адамдардын мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрдү, психологияны өздөштүрүш керек, тарыхты билиши керек (жарымы төгүн – жарымы чын – дегенди тарых менен айкалыштырып чечип берүү).

***-Эпостогу адам жана тулпарлардын аттары:***

➢ Адам аттарынын маанисин (Чыйырды – чыйыр жол дегенди маанини билдирет. Эпостун аягына чейин жүрөт. Арууке – кайыптын кызы, аруу, көрүнбөгөн тазалык ж.б.);

➢ миңгич аттардын аталыштары билиши керек (Тайбуурул, Аккула, Торучаар, Тоотору, Карткүрөң, Чалкуйрук, Карагер, Чабдар, Тору, Мааникер, Сарала, Карала, ж.б.).

***-Аял затына тиешелүү мүнөздөр жана алардын милдеттери:***

➢ Акылдуу, айлакер, жароокер, кең пейил, данакер, парасаттуу, дилгир, жумшак, акыйкөй, намыскөй, сарамжалдуу, иш билги, камкор, даанышман, кепкөй, сөз билги.Улууну урматтоодо кыргызга тиешелүү адеп-ахлактарды билүү.

**6.Уюштуруучулук-башкаруучулук компетенттүүлүктөр:**

***-Предметти өздөштүрүүнү уюштуруу боюнча иштер:***

Өз алдынча презентация жасоону үйрөнүүсү (Компьютердин, ноутбуктун жардамы менен, алардагы MicrosoftWord, Microsoft Excel, Microsoft PowerPoint сыяктуу программалар менен иштөөнү өздөштүрүүсү, окутуунун негизинде өзүнө тагылган мүмкүнчүлүктөрдүн бардыгын колдоно алуу, өзүнүн педагогдук, окутуучулук жоопкерчилигин сезе билүүсү керек. Окутуучудан мыкты кесипкөйлүк, маданияттуулук талап кылынат. Окутуу-тарбиялоо ишинин заманбап технологияларын өздөштүрүү, эпостун өзөгүндөгү көөнө сөздөр менен иштөөнү өздөштүрүү, кыргыз элинин музыкалык аспаптары тууралуу, эпос жана кыргыз музыкасы тууралуу маалыматтарга ээ болуусу керек. «Манас» эпосу тууралуу кино жана телефильмдер, алардын сюжети жөнүндө маалымат билиши зарыл. Студенттердин жоопторун жана ишмердүүлүгүн талапка ылайык баалай билүү, өтүп жаткан сабагын уюштурууда аудиториядагы жагымдуу маанайды же абалды түзө билүү.

Ушуну менен бирге, «Манас» таануу курсун окуп-үйрөнүүнүн жыйынтыгында студенттер тиешелүү **теориялык билимдерге** жана **практикалык машыгууларга** ээ болуусу керек.

«Манас» таануу курсу боюнча студенттердин билиши тийиш болгон **теориялык билимдер:**

- «Манас» эпосунун кыргыз элинин турмушунда ойногон тарыхый ролун далилдер менен бекемдеп айта билүүсү.
- Эпостун рух дөөлөттөрүн, адеп-ыймандык нарктарын билиши, түшүнүшү жана аларды бүгүнкү күндөгү тарбия ишине керектигин, зарылдыгын аныктай алышы, өзүнүн жүрүм-турумунда, турмуштук кырдаалдарда колдоно алышы.
- Эпостун эл оозунан жыйналуу, китеп болуп басылып чыгуу тарыхын, андагы кыйынчылыктарды фактыларга негизденип билиши, бул жөнүндө аңгеме кура алышы, доклад, реферат жаза билүүсү, жыйноочулардын ысымдарын, эмгек мээнеттерин билиши.
- «Манас» таануу илиминин тарыхый өнүгүшүнүн жолун билиши, Манасты изилдеген Кыргызстандык жана чет өлкөлүк окумуштуулардын ысымдарын жана алардын эмгектерин билиши, алардын эпос тууралуу айткан ой-пикирлерин жатка билиши, илимпоздорунун эмгектерине баа бере

алышы, аларга рецензия же аннотация жаза алышы, изилдөөчүлөрдүн ой-корутундуларын өзүнүн «Манас» жөнүндөгү сөздөрүнө пайдалана билиши.

•«Манас» эпосунун сюжетин билиши, сюжеттин негизинде ой жүгүртүү сочинениесин, кыскача кара сөз менен эпостук сюжетти ырааттуу баяндап айта же жаза билиши.

•Эпостун айрым жерлеринен таамай, учкул саптарды, образдуу сүрөттөөлөрдү, фразеологизмдерди, макал-ылакаптарды жатка айта билиши жана аларды өз сөзүндө практикалык түрдө колдоно алышы.

•Көзү өткөн улуу жана бүгүнкү манасчылардын кыскача өмүр баяндарын, ири чоң манасчылардын манас айтуу өнөрүн, аларга акын-жазуучулардын, илимпоздордун берген бааларын, эпостун варианттарын билиши. Манасчы жөнүндө чыгармачылык портрет түзө алышы (оозеки жана жазуу түрүндө).

•«Манас» эпосу боюнча тартылган фильмдердин, сүрөттөрдүн, жазылган музыкалык, драмалык чыгармалардын, эпостун кара сөз варианттарынын мазмунунун авторлорун билиши.

•«Манас» эпосу жөнүндө буга чейин айтылган ой-пикирлерге таянган өзүнүн бирдиктүү бир жеке көз карашынын болушу жана улуттун улуу мурасы менен сыймыктана билиши керек.

«Манас» таануу курсу боюнча түзүлгөн экинчи бир программада анын негизги милдеттери төмөнкүчө аныкталган: «...бул гениалдуу эпопеянын жаралуу доорунан тартып анын ички табиятын ырааттуу түрдө окутуу жана дүйнө элдерине кеңири таратуу; *биринчи иретте,* кыргыз дөөлөтүн, улуу сөз өнөрүнүн касиетин, улуттук көөнөрбөс идеяларынын кудуреттерин ушул чыгарма аркылуу жайылтуу; *экинчи иретте,* айтуучулук өнөрдү аркалаган манасчынын сыйкыр аяндуу керемет касиетинин улуу мүмкүнчүлүгүн даңазалоо; *үчүнчү иретте,* дүйнө элдеринин ушул үлгүдөгү улуу сөз өнөрү менен манасчылык өнөрдүн айырмачылыгын, ошол эле учурда үндөштүгүн көрсөтүү; *төртүнчү иретте*, эпопеянын классикалык–үлгүлүү жалпы мазмунун, кыргыз улут тарыхын, этногенезин, этнографиялык, этнопедагогикалык, этнопсихологиялык, философиялык, антропологиялык, географиялык, эстетикалык ой туюмдарын, көркөм тилинин байлыгын талдап берүү; *бешинчи иретте*, «Манас» эпопеясындагы улуттук идеянын негизинде келечек муунду ыймандуулукка, мекенчилдикке, адептүүлүккө тарбиялоо».

«Манас» таануу курсу боюнча студенттердин билиши тийиш болгон **практикалык машыгуулар:**

• Жан дүйнөсүнө Манастын тил байлыгын сиңирип, өз оюн таамай, көркөмдөп айта жана жаза билүү, эпостун сөз берметтерин өз сөздөрүндө колдонуу.

• Көп улуттуу маданиятты түшүнүү, эл аралык чөйрөдө иштей, жашай алуу.

• Даяр илимий пикирлерди гана окуп үйрөнбөстөн, сын ой жүгүртүү, өз пикирин билдирүү, жыйынтык чыгара алуу, аргументтерди келтирип, талкуулай алуу, эки тарапты тең канааттандырган чечим кабыл алуу.

• Жамаат, топ ичинде иштөө, ишти уюштуруу, жоопкерчиликтерди, ресурстарды бөлүштүрүү.

- Маалымат менен өз алдынча иштей билүү, башкы мааниге ээ болгон маалыматты аныктай алуу, интернет булактары менен иштей алуу, демилгечил болуу, долбоорлорду иштеп чыгуу, чыгармачылык менен заманбап идеяларды сунуштаган креативдүүлүк.
- Максатка жетүүгө шыктануу, баштаган ишинин аягына чыгуу, өмүрүнүн бардык баскычтарында билимге умтулуу.

Жогоруда биз санап өткөндөр компетенциялар менен талаптардын бардыгын бир кылка өздөштүрүп, аны баяндап айта билген окутуучу гана «Манас» таануу предметин тиешелүү деңгээлде бере алат деген ойдобуз. Ошондой эле, ал компетенцияларда белгиленген студенттердин алдына коюлган талаптар да курстун жыйынтыгында сөзсүз реалдуу ишке ашуусу шарт.

Демек, «Манас» таануу мугалими мына ушундай кенен ишмердиктерге ээ болуусу керек. «Инсандын жан дүйнөсү толук ачылган чыгармачыл ишмердүүлүк бар жерде гана окуучу мугалимге, адам адамга магниттей тартылат», – деп жазган В.А.Сухомлинский. Азыркы окутуучунун ишмердиги – ар бир окуучунун жан дүйнөсү жана таанып-билүүсү уникалдуу экендигин эске алып, окутуп жаткан билимдин мазмуну, аны жеткирүү ыкмаларын заманбап шарттарда байытып, өркүндөтүп, өздөштүрүп берүү менен бааланат.

Бир сөз менен айтканда, анын кесипкөйлүгү алдыңкы орунга чыгууга тийиш. Учурдун тили менен айтканда, мугалимдин компоненттүүлүгү жана коомдун колдоосу болгондо гана мыкты педагог жаратман эмгектин бийиктиктерин багынта алат деген ойдобуз.

Эң негизгиси – жоопкерчиликти сезүү! – бул чыгармачыл окутуучунун устаканасындагы тынымсыз изденүүлөрдүн бир багыты гана болуш керек. Мугалимдин ички жан дүйнөсү жана сырткы маданияты бири-бирине шайкеш болуп, айкалыша келгенде гана чыгармачылык изденүү башталат.

## ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР

Диссертациялык изилдөө «Манас» таануу курсун жогорку окуу жайлардагы студенттерге окутуу көйгөйүнө арналуу менен окутуучулардын адабий-теориялык, кесиптик компоненттүүлүгүн, чыгармачылык ишмердүүлүгүн жогорулатууга жардам берип, курсту үйрөтүү процессинде окутуучулардын методикалык ишмердүүлүгүн жогорулатууга жардам берет. Диссертациялык изилдөөдө мына ушул максаттарды ишке ашыруу менен төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгардык:

1. «Манас» таануу дисциплинасы боюнча илимий-теориялык адабияттарды талдоо аркылуу бул курстун ааламдашуу доорундагы функцияларын, аталган дисциплинанын жаштарды окутуп тарбиялоодогу ордун жана маанисин аныктоо болгондуктан, ага ылайык «Манас» эпосунун азыркы массалык маданияттын таасиринде турган жогорку окуу жайларындагы студенттерге таалим-тарбиялык таасири канчалык зарыл экендигин, алардын мекенчил, адептүү инсан болуп калыптанышында, эне тилин өздөштүрүүсүндө бул чыгарманын баа жеткис ролу бар экендигин далилдедик. Аталган көйгөйдү

аныктоо үчүн педагог-окумуштуулардын, адабият таануучулардын, психологдордун, маданият өкүлдөрүнүн пикирлерине таяндык жана ал пикирлерди эмгекке чагылдырдык.

2. «Манас» таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүүнүн тарыхына, анын изилденишине талдоо жүргүзүүгө, бул курсту окутуунун методологиялык таянычтарын көрсөтүүгө аракет жасалып, окуу китептери изилденди. Темабызга тиешелүү адабиятчы, методист окумуштуулардын эмгектерине анализ берилип жана темага ылайык философиялык, адабият таануучулук, педагогикалык багыттагы методологиялык эмгектерди тарыхый-хронологиялык тартипте анализдеп чыктык.

3. Изилдөө ишин жүргүзүп баштоонун алдында адеп аныкталган милдеттердин биринчисине ылайык учурдагы окутуу процессинин шарттарына жараша республиканын жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуунун методологиялык негизин аныктоо иштери жүргүзүлдү.

4. Курстун обьекти, предмети, мазмуну, анын багыттары жана структурасы аныкталды.

5. Курсту окутуунун заманбап технологиялары иштелип чыкты жана экспериментке коюлду, алар: конструкциялап окутуу, деталдаштырып үйрөтүү, дебат ыкмасы, долбоорлоо жана интеграциялап окутуу жолу эсептелинет. Мында интеграциялап окутуунун: удаалаш тиби, жарыш тиби, курчама тиби жана тутумдаш тиби сунушталды.

6. Диссертациялык изилдөөбүздөгү ар кандай изилдөөлөрдө колдонулуучу салтка айланган методдорду (илимий-теориялык, практикалык-эмпирикалык, эксперименталдык жана статистикалык) колдондук. Илимий-теориялык методдун алкагында тандалып алынган темага байланыштуу нормативдик документтер, адабий-теориялык, илимий-методикалык эмгектер талдоого алынды, жалпылаштырылды, жыйынтыгында аткарыла турган илимий изилдөөнүн жумушчу божомолу негизделди.

7. «Манас» таануу дисциплинасынын мазмунун аныктоого коюлуучу талаптарды иштеп чыгуу жана аларды илимий жактан негиздөө, окуу материалдарынын педагогикалык шарттарын, окутуунун дидактикалык принциптерин, студенттер ээ болучу компоненттүүлүктөрдү аныктоо иштери аткарылды. Студенттер ээ болуучу компетенттүүлүктөр катары: адабий-теориялык компетенттүүлүктөр; илимий-изилдөөчүлүк компетенттүүлүк; социалдык-личносттук компетенттүүлүк; маданий-коммуникативдик компетенттүүлүктөр;таанып-билүүчүлүк компетенттүүлүктөр; уюштуруучулук-башкаруучулук компетенттүүлүктөр сунушталды жана алар мүнөздөлүп, талаптары айкындалды.

8. Эмпирикалык-практикалык методдун алкагында байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү, сурамжылоо, анкета толтуруу, тест жүргүзүү, алардын жыйынтыктарын анализдөө жана синтездөө, сабактарга катышуу, талдоо, тажрыйбаларды үйрөнүү иштери жүргүзүлдү. Эксперименталдык методдун алкагында байкоо, изилдөө, аныктоо, текшерүү жана жыйынтыктоо этаптары жүргүзүлдү.

9. Курс боюнча практикалык-методикалык иштелмелер түзүлүп, «Манас» таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүүнүн мындан ары өркүндөтүүнүн келечектүү концепциясы иштелип чыкты.

10. Тажрыйбалык-эксперимент мезгилиндеги аныкталган кемчилдиктер менен жетишилген ийгиликтердин пайыздык катышы аныкталып, изилдөөдөгү жалпылыктар, өзгөчөлүктөр жана айырмачылыктардын көрсөткүчтөрү сунуш кылынды.

Биздин диссертация «Манас» таануу дисциплинасын жогорку окуу жайларда окутуу боюнча алгачкы изилдөө болгондуктан, бул тема мындан ары да тереңдетилет деген ойдобуз.

## ИЛИМИЙ_МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

1. ЖОЖдордо «Манас» таануу дисциплинасын окуп-үйрөтүүгө бөлүнгөн 30 сааттык программа жетишсиз. Аны келечекте 60 сааттык окутуу көлөмүнө жеткирүү талапка ылайык келет.
2. ЖОЖдор үчүн «Манас» таануу деп аталган окуу хрестоматияны түзүү жана жетишерлик санда бастырып чыгаруу.
3. «Манас» таануу дисциплинасын ЖОЖдордо окутуунун методикасын иштеп чыгуу жана басып чыгаруу.
4. «Манас» эпопеясы боюнча тартылган сүрөттөрдүн альбомун басып чыгаруу.
5. Студенттер үчүн эпостун кыскартылган вариантын окуу программасына жараша түзүп, жеткиликтүү санда чыгарып таратуу.
6. «Манас» эпосу тууралуу мультфильмдерди чыгарып, интернет желелерине жайгаштыруу.
7. «Манас» эпосунан үзүндүлөрүн, залкар манасчылардын баяндарын CD, DVD дисктер түрүндө таратуу жана аларды интернетке жарыялоо кажет.

### Диссертациянын мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:


1. **Зулпуев, А.З.** – «Жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери»». Монография. [Текст]: / Зулпуев А.З. //. – Бишкек . : 2019. – 149 б.
2. **Зулпуев, А.З.** – «Манас» таануу боюнча жогорку окуу жайлар үчүн усулдук окуу куралы. [Текст]: Усулдук колдонмо./Зулпуев А.З.// . - .Ош: «Ош технологиялык университетинин басма борбору». – 2018, 34 б.

1. **Зулпуев, А.З.** – «Законодательно-правовые основы Манасоведения». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. Бишкек: - 2017, № 10. - 191-195 - бб.
2. **Зулпуев, А.З**. – «Манас» эпосундагы аялдардын образын окутуу». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. Ош: - 2017, № 4. – 57-60 - бб.

3. **Зулпуев, А.З.** – «Манас» таануу курсун окутууда жети осуятты колдонуу». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Известия Ошского технологического университета. Ош: - 2017, № 4. – 82-86 - бб.

4. **Зулпуев, А.З.** – «Манас» таануу курсун окутуудагы милдеттер жана күтүлгөн натыйжалар». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Известия Ошского технологического университета. Ош: - 2017, № 4. – 87-91 - бб.

5. **Зулпуев, А.З.** – «Жогорку окуу жайында «Манас» таануу сабагын уюштуруунун педагогикалык шарттары». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. Ош: - 2017, № 4. – 61-65 - бб.

6. **Зулпуев, А.З.** – «История сбора «Манас» из уст народа». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Международный научный журнал «Juvenis scientia». Санкт-Петербург: - 2018, № 8. – 25-27- бб.

7. **Зулпуев, А.З.** – «Преподавание студентам о месте эпоса «Манас» в духовной жизни кыргызского народа и его современном значении». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Журнал «Coloquium-journal», Miedzynarodowe czasopismo naukowe. Польша: - 2018, № 8. – 60-63 - бб.

8. **Зулпуев, А.З.** – «История исследования эпоса «Манас» мировыми и кыргызскими учеными». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Ежемесячный электронный научный журнал «Постулат». Еврейская автономная область. Биробиджан: - 2018, № 8. – 94-101 - бб.

9. **Зулпуев, А.З.** – «Исскуство Манасчи-мост между прошлым и настоящим». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Международный журнал гуманитарных и естественных наук. Новосибирск: - 2018, № 9. – 126-132 - бб.

10. **Зулпуев, А.З**. – «Манас» - элдин оозеки чыгармачылыгынын үлгүсү». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. Ош: - 2018, № 4. – 88-93 - бб.

11. **Зулпуев, А.З**. – «Коншу жашаган элдердин «Манас» үчилтиги менен таасирлениши». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. Ош: - 2018, № 4. – 93-96 - бб.

12. **Зулпуев, А.З.** – «Манас» эпосундагы аялзатынын баатырдыгы». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Известия Ошского технологического университета. Ош: - 2018, № 3. – 206-210 - бб.

13. **Зулпуев, А.З.** – «Манас» эпосунда көчмөн турмуштун сүрөттөлүшү». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Известия Ошского технологического университета. Ош: - 2018, № 3. – 210-215 - бб.

14. **Зулпуев, А.З.** – «Манас» үчилтигиндеги аялдардын образын окутуунун тарбиялык мааниси». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Журнал Эл агартуу. Бишкек: - 2018, № 11-12. – 25-31 - бб.

15. **Зулпуев, А.З.** «Манас» эпосунун руханий маани-маңызы жана эпосту окутуунун бүгүнкү күндөгү тарбиялык ролу». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Журнал Эл агартуу. Бишкек: - 2018, № 11-12. – 31-35 - бб.

16. **Зулпуев, А.З. –** «Манасчылык өнөр жана анын табиятын окуп-үйрөнүү». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . – Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. Бишкек: - 2018, № 2. – 74-79- бб.

17. **Зулпуев, А.З. – «**Үчилтиктеги аялдардын образын окутуу маселелери». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . – Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. Бишкек: - 2018, № 2. – 80-85- бб.
18. **Зулпуев, А.З.** – «Обучение курсу «Манасоведение» через выразительное чтение эпоса». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Ежемесячный электронный научный журнал «Постулат». Еврейская автономная область. Биробиджан: - 2019, № 2. – 46-52 - бб.
19. **Зулпуев, А.З.** – «Значение обучению «Манас» в воспитании студентов» [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . - Ежемесячный электронный научный журнал «Постулат». Еврейская автономная область. Биробиджан: - 2019, № 2. – 53-60 - бб.
20. **Зулпуев, А.З.** – «Роль женских образов трилогии «Манас» в подготовке будущих матерей, жён и советниц». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.//. - Ежемесячный электронный научный журнал «Постулат». Еврейская автономная область. Биробиджан: - 2019, № 3. – 35-41 - бб.
21. **Зулпуев, А.З.** – «Ознакомление студентов с содержанием эпоса «Манас» путем выбора специальных текстов и отрывков». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.//. Журнал «Bulletin of Science and Practice». – г.Нижневартовск. Россия, 2019. - №5. – С. 122-126
22. **Зулпуев, А.З.** – «Формирование художественно-эстетического чувства студентов через чтение эпоса «Манас». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.//. Журнал «Bulletin of Science and Practice». – г.Нижневартовск. Россия, 2019. - №5. – С. 117-121
23. **Зулпуев, А.З.** – «Об уникальности и природе сказителей эпоса «Манас» в освоении курса «Манасоведение». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.//. Журнал «Bulletin of Science and Practice». – г. Нижневартовск. Россия, 2019. - №5. – С. 113-116
24. **Зулпуев, А.З. –** «The image of nomadic life in the epic «Manas»». [Текст]: / Зулпуев А.З. //. Самара. : 2019. – № 2. - С. 1/6-6/6.
25. **Зулпуев А.З.** – «The influence of the trilogy «Manas» on nearby neighboring nations». [Текст]: / Зулпуев А.З. //. Самара. : 2019. – № 2. - С. 1/4-4/4.
26. **Зулпуев, А.З.** – «Manas» – a sample of oral creativity of the people». [Текст]: / Зулпуев А.З. //. Самара. : 2019. – № 2. - С. 1/4-4/4.
27. **Ashim Z. Zulpuyev,** Misilimkan D. Aidarova, Ergeshali kyzy Aktilek, Ergeshali kyzy Aichurok, Tolgonai N. Karanova - «Подготовка к семейной жизни детей средствами национальных ценностей и наследия кыргызского народа и компетентности учителя в использовании образовательного процесса». [Текст]: Макала./Зулпуев А.З.// . Журнал «Growth Poles of the Global Economy: Emergence, Changes and Future Perspectives». 2019, стр.1187-1196.

**Зулпуев Ашим Зулпуевичтин «Жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери» аттуу темадагы**

**13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Түйүндүү сөздөр:** «Манас» таануу, курстун обьекти, предмети, багыттары, манасчылык өнөр, окуп-үйрөнүүнүн абалы, курстун максат-милдеттери, методдору жана каражаттары, заманбап технологиялары, окутуучу менен студенттин компетенциялары.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздерин аныктоо, анын заманбап технологияларын иштеп чыгуу жана аларды практикага сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргызстандын жогорку окуу жайларында "Манас" таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргызстандын ЖОЖдорунда «Манас» таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүүнүн илимий-методикалык проблемалары, мазмуну, аны жүзөгө ашыруунун технологиялары.

**Изилдөөдө колдонулган методдор**: илимий-теориялык, практикалык-эмпирикалык, эксперименталдык, статистикалык методдор, талдоо, жалпылоо; байкоо, аңгемелешүү, сурамжылоо, анкета, тест жүргүзүү, анализдөө жана синтездөө, педагогикалык эксперимент.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- Кыргызстандын ЖОЖдорунда «Манас» таануу курсунун, анын багыттарынын окуу дисциплинасы катары теориялык жана методикалык жактан негизделиши.
- Эпостун изилденүү, жыйналуу, манасчылык өнөр жана басып чыгаруунун тарыхынын жана аны окуп–үйрөнүүнүн абалынын жалпыланышы, курстун объектиси, предмети, максат-милдеттери, мазмуну, окутуу формалары, методдору, принциптери менен каражаттарынын аныкталышы, курсту окуп-үйрөнүүнүн заманбап технологиясынын иштелип чыгышы.
- Курсту заманбап методдорго жараша жүргүзүүнүн, окутуучу менен студенттин негизги компетенттүлүктөрүнүн, баалоо критерийлеринин, эпостогу осуяттардын гуманисттик салттарын үйрөтүү талаптарынын иштелип чыгышы.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** изилдөөнүн жыйынтыктары КРнын ЖОЖдорунда «Манас» таануу курсун талаптагыдай окуп-үйрөнүүгө илимий-методикалык жактан жардам көрсөтөт. Негизги корутунду менен практикалык сунуштар курс боюнча окуу китептерин, усулдук колдонмолордун мазмунун жакшыртууда таяныч болот. Бул багытта курстук, дипломдук иштерди, магистрдик жана кандидаттык диссертацияларды жазууда педагогикалык-методикалык багыт көрсөтөт.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Зулпуева Ашима Зулпуевича на тему: «Научно-методические основы обучения курсу «Манасоведение» в высших учебных заведениях» на соискание ученой степени доктора педагогических наук по специальности 13.00.02 - теория и методика обучения и воспитания (кыргызская литература)**

**Ключевые слова:** «Манасоведение», объект курса, предмет курса, направления, мастерство манасчи, состояние обучения, цели и задачи курса, методы и средства, современные технологии, компетенции преподавателя и студента.

**Цель исследования:** определение научно-методических основ обучения курсу «Манасоведение» в высших учебных заведениях Кыргызстана, разработка современных технологий и предложение их к использованию на практике.

**Объект исследования:** процесс обучения дисциплине «Манасоведение» в высших учебных заведениях Кыргызстана.

**Предмет исследования:** научно-методические проблемы, содержание, технологии реализации обучения дисциплине «Манасоведение» в высших учебных заведениях Кыргызстана.

**Методы исследования**: научно-теоретические, практико-эмпирические, экспериментальные, статистические методы, анализ, обобщение; наблюдение, беседа, опрос, анкета, тестирование, анализ и синтез, педагогический эксперимент.

**Научная новизна исследования:**

- Теоретическое и методическое обоснование курса «Манасоведение» в высших учебных заведениях Кыргызстана, его направлений как учебной дисциплины.
- Обобщение состояния изучения эпоса и истории его исследования, сбора, мастерства манасчи и опубликования, определение объекта, предмета, целей и задач, содержания, форм, методов, принципов и средств обучения курсу, разработка современной технологии обучения курсу.
- Разработка требований к изучению гуманистических традиций проведения курса согласно современным методам, ключевых компетентностей преподавателя и студента, критериев оценки, заветов эпоса.

**Практическая значимость исследования:** результаты исследования окажут научно-методическую помощь в изучении курса «Манасоведение» в высших учебных заведениях КР в соответствии с требованиями. Основные выводы и практические рекомендации станут опорой в улучшении содержания учебников, методических пособий по курсу. Послужат педагогико-методическим ориентиром в написании курсовых, дипломных работ, магистерских и кандидатских диссертаций.

## SUMMARY

**Thesis of Zulpuyev Ashim Zulpuevich on the topic: «Scientific and methodological foundations of teaching the course «Manasology» in higher educational institutions» for the degree of Doctor of Pedagogical Sciences in specialty 13.00.02 - theory and methods of training and education (Kyrgyz literature)**

**Key words**: «Manas», course object, course subject, directions, manaschi skills, course status, course goals and objectives, methods and means, modern model and technologies, teacher and student competencies

**The purpose of the study**: the definition of scientific and methodological foundations of teaching the course «Manas» in higher educational institutions of Kyrgyzstan, the development of modern technologies and their offer for use in practice.

**Object of study**: the process of teaching the discipline «Manas» in higher educational institutions of Kyrgyzstan.

**Subject of research**: scientific and methodological problems, content, model, technology for the implementation of training for the discipline «Manas» in higher educational institutions of  Kyrgyzstan.

**Research methods**: scientific-theoretical, practical-empirical, experimental, statistical methods, analysis, generalization; observation, conversation, survey, questionnaire, testing, analysis and synthesis, pedagogical experiment.

**Scientific novelty of the research**:

- Theoretical and methodological substantiation of the course «Manas» in higher educational institutions of Kyrgyzstan, its areas as an academic discipline;
- Generalization of the state of study of the epos and the history of its research, collection, mastery of manaschy and publication, identification of the object, subject, goals and objectives, content, forms, methods, principles and means of teaching the course, developing a modern model and technology for teaching the course;
- Development of requirements for the study of humanistic traditions of the course according to modern methods, key competencies of the teacher and student, evaluation criteria, epic precepts.

**The practical significance of the study**: the results of the study will provide scientific and methodological assistance in studying the course «Manas» in higher educational institutions of the Kyrgyz Republic in accordance with the requirements. The main conclusions and practical recommendations will be the basis for improving the content of textbooks and teaching aids on the course. Will serve as a pedagogical and methodological guideline in writing term papers, dissertations, master's and master's theses.

**Басууга __________2022-ж. кол коюлду.**
**Форматы 60х84 $_{1/16}$.Офсет кагазы**
**Көлөмү 1.75 б.т., Нускасы 100 экз.**
**КББАнын «Окуу китеби» басма борбору**
**Бишкек ш., Эркиндик бул. 25**